63.3(2=Ки)кор
Н93

Ш. ЖУСУПАКМАТОВ

ФИТ
Новгород I-36
97.

НООДОГУ КАТ



662239
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
педагогического института
ИНВ № 788088

БИШКЕК
«КЫРГЫЗСТАН»
1992

КИРИШҮҮ

Урматтуу окурман, колуңуздардагы сүрөт-жазма, пиктография жергебиздеги Ноокат — Жаны-Ноокат, Сахава тарыхый эстелиги, андагы Чили-Сай аска-ноо чиймеси, элибиздин байыркы бай мурасы, философиясы, мифологиясы, турмуш жадыбалы, нур сааты, жылдыз сааты, Ай Күн санагы, асман картасы, астрономиясы, астрологиясы. Ушундай эле бул эстеликтин илимий баалуулугуна, маданий кереметтүүлүгүнө, шедеврлигине теңдеш жок. Андай болсо сөз учугу ошол кереметтүү эстелик жөнүндө болсун.

Айта кете турган нерсе бул жыйынтыкка биз тегин жерден келген жерибиз жок, атайын изилдөөнүн, иликтөөнүн, божомолдоонун жана эксперименталдык байкоонун натыйжасында келдик. Ошондой эле бул иш үчүн далай мезгилдер кечирилди, уйкусуз түндөр сарыпталды. А түгүл бул ишке байланыштуу болгон археологиялык атайын иштөө ыкмаларды үйрөндүк, эң татаал жана өмүргө коркунучтуу жумуштарды өтөдүк. Бул үчүн жогорудагы аталган аска-ноо бетиндеги байыркы сүрөт-жазмаларды кайрадан калыбына кылдат келтирүү жумушу талап кылынды. Биз аны мүмкүн болушунча аткардык. Буга, маселен, ошол аска-ноо бетиндеги байыркы сүрөттөрдүн бүгүнкү күнү төмөндөн айкын көрүнүшү далил боло алат десек болот. Башкача айтканда, алар азыр толугу менен эл кызматында.

Баса, бул ишти бүтөөдө Ош пединститутунун сүрөткөр окутуучусу Абдырахман Айдовдун иши жана да физиктер Айсалкын Миңбай менен Мыктыбек Өмүрбек тегиндин берген кеп-кенештери бөтөнчө олуттуу болду. Мындан тышкары бул сүрөт — жазманы чечмелөөдө жана тактоодо өлкөбүздүн көрүнүктүү окумуштуулары — тарых илимдеринин докторлору Л. Р. Кызыласов, Л. А. Шер жана М. А. Дэблеттердин берген жардамдарынын баалуу жактарын да белгилебей коюуга болбойт. Башкача айтканда, окумуштуулардын бул ишке болгон пикири анын тегин ачып билүүгө терең таасирин тийгизди.

Ырас, биз бул ишти мындан төрт жыл илгери баштадык. Оюбузду, биз обол сөз кылмакчы болгон сүрөт-жазмаларга эмес, анын тегерегиндеги жагдайларга бурдук. Андагы археологиялык жана этнографиялык маалыматтарды үйрөнүүдөн чыктык. Булар бул сүрөт-жазмалар жөнүндөгү түзүлгөн элдик аңыздар жана аны курчаган байыркы курулуш калдыктары эле, ошондой эле тээ береги түздөгү качандыр бир мезгилде тургузулган таштар жана таш үймөктөр жердиктери эле. Булардын албан тарыхы азырынча белгисиз. Өзгөчө буларды окумуштуулар бүгүнкү күнү атайлап дит коюп билише элек. Мына ошолордун бири — ушул жазмадагы Чили-Сай чиймелери жана андагы аталган тарыхый эстеликтер.

Чили-Сай чиймелери демекчи бул сүрөт-жазма тегин көрүнүш эмес. Алар ар кандай байыркы сүрөт-жазмалар кандайдыр бир семиоти-

жазмалары айкындап турат. Өзгөчө бул белгини окумуштуу Г. А. Помаскина тарабынан жарык көргөн китепчедеги 57—65-сүрөт-жазмалары чагылтат десек болот (Г. А. Помаскина 1976). Буларды бул окумуштуу белгиленген маанилер эмес, биздин түшүнүгүбүздөгү космогониялык маанилери, Ай, Күн, жылдыз, жомок, миф маанилери билдирип турат. А түгүл буга Г. А. Помаскинанын ушул эле китепчедеги номери 76—77—93 жана 94-сүрөт-жазмалары далил, алардын биздин түшүнүгүбүздөгү маани-маңыздары күбө десек талашсыз. Маселен, булардын ичинен 76-сүрөт-жазманы Г. А. Помаскина коло доор чиймеси, андагы ар түрдүү учурда чечилген чийме деп билсе, 77-сүрөт-жазманы соко, соко чегилген кош өгүз жана аны айдаган сокочу деп окуйт. 93-сүрөт-жазма окумуштуунун ою боюнча курулуш планы. Ал эми, 94-сүрөт-жазмага келгенде окумуштуу бул сүрөт-жазманы чарба элеси деп билет, андагы колго үйрөтүлгөн жылкы жана аны тегеректеген тоо эчки элестери, ошондой эле алардын ар түрдүү тартылышы деп тааныйт (Г. А. Помаскина 1976). Биздин оюбузча бул сүрөт-жазмалар ичинен 76-сүрөт-жазма байыркылардын кыймылдуу жылдыздар жөнүндөгү түшүнүгүн эске салат. Өзгөчө булардын астрономиялык чен бирдиктери ааламдын кыймылдуу жылдыздар картасына дал келүүсү кызыктуу (А. Д. Марленский ТУ79 РСФСР 506—80). Бул сүрөт-жазмадагы дээрлик элестер байыркылардын бизге келип жеткен жана жетпей калган жылдыз жомоктор изин чагылтып тургандай сезилет. Бул сүрөт-жазмадан айырмаланып 77-сүрөт-жазма кудай, күн, күндүн мезгилге болгон катышы, убакыт, амал ай. Баса, бул сүрөт-жазмадагы сокочу кудай — Күн кудай, Баба Дыйкан, Саманчы, Саманчы Баба. Анан да бул кейипкердин кудай кешпири, кан мүйүз эчки баш калыбы кызыктуу. Назарыбызда бул белги байыркы египеттиктердин Хатор кудайын эске салып турат, анын эчки баш, күн мүйүз элесин, кош мүйүз элесин билдиргенсип турат (салыштырыңыз В. Заморовский 1986). Өзгөчө буга андагы күн белги, эки күн белги шарт өңдөнөт. Муну менен биз бул эки белгини методологиялык жактан тектеш, нукташ демекчибиз. Бул эки сүрөт-жазмага окумуштуу Г. А. Помаскина белгилегендей курулуш планына эмес, Ай планына окшошот, анын жерге карата болгон жергиликтүү көрүнүш абалын эске салгансыйт. Ушундай эле бул сүрөт-жазмада анын Айдын толуш, токтош, кайтуу корголоо жана бири, экиси, үчү деген чектерин белгилегендей өңдөнөт. Өзгөчө бул чийме чектердин сан жагынан болгон жетиге барабардыгы ажайып. Биздин оюбузча бул сан байыркылардын Ай лабиринтин эске салып турат, анын толук калыбын билдиргенсийт, бир айлык чегин туюнтуучудай байкалат. Жалпысынан бул чиймедеги коргончолордун Жер экендигине, андагы Ай жарыгы тараган аймак экендигине талаш жок. Бөтөнчө муну бул чийме чек коргончолордун түштүк жана батыш эки чеги ынантат. Биздин оюбузча, бул эки туюнтма Айдын бири, экиси жана үчү болуу керек. (Г. А. Помаскина 1976). Буга байыркылардын Оштогу Сулайман-Тоонун түндүк-чыгыш багытындагы аска таш бетине чегип калтырган лабиринт чектери айрыкча анын күн жарыгына эмес, ай жарыгына окшоштугу жакын десек жаңылашпайбыз (Жусупакматов Л. Ж. 1988). Мындан тышкары бул сүрөт-жазмаларды ушул эле сүрөт-жазманын дал ортосундагы дагы бир төрт бурч коргончо сүрөт-жазманын бардыгы билдиргенсийт жана анын дал ортосунда жакыныраак чегилген жалгыз чекит туюнткандай сезилет (Г. А. Помаскинанын жогорудагы аталган эмгегинин ошол эле жеринде).

Назарыбызда бул коргончо байыркылардын ой-түшүнүгүндөгү Жер, скипче төгөрөктүн төрт бурчу дегенге барабар. Ал эми, андагы бир чекитке келгенде, Жер бетиндеги биз жашаган аймак эске түшөт, Фергана өрөөнү кабардалгансыйт.

жогорудагы биз келтирген Саймалы-Таш Күн кудайы эле эмес, андагы лабиринттик белгинин бардыгы билдирет, ушул эле белгинин Оштогу Сулайман-Тоосундагы жолугушу айкындайт жана Чили-Сай чиймелеринде кезигээри чагылтылат. Буга анын Кавказ эл талисманындагы болгон чагылыш арийне, Ак деңиздин Кандалаш куймасындагы курулуш калыбы, Латын Америкасынын Наска талаасындагы жол түрүндөгү кезигүүсү далил. Ушул эле учурда буга чыгыштын улуу энциклопедист окумуштуусу Абу Райхан ал-Берунин «Крепостко» Шири Ланкага алып баруучу жол түрүндө түзгөн либириттик карта-схема чиймеси күбө (Абу Райхан Беруни 1963). А түгүл муну байыркы Египет фараондору Хуфу, Хафра, Ра, Амон — Ра, Ра Горахталардын пирамида түп дубалы билдирет, андагы лабиринттик түзүлүштү туюнтат, жана анын астрономиялык абалдары, күнгө, жарыкка тийиштүү касиеттерин туюнтат (И. О. Павлова 1984). Бул белгинин дүйнөгө таралышы анын астрономиялык маани-маңызды билдирген түшүнүктөгү жайылышы жашоону жана жаралууну билдирген маани маңызы айкын. Башкысы бул белги байыркылардын Ай, Күн, Жер жана жылдыз таанууларынын негизин түзүп турат.

Андыктан булардын акыйкаттыгына, ырастыгына талаш жок. Маселен, буга көрүнүктүү окумуштуу Я. А. Шердин бир ою күбө. Ал өзүнүн көптөгөн эмгектеринин биринде атактуу Саймалы-Таш сүрөт-жазмалары боюнча «Канткени менен мында байыркылардын календардык системасынын бар экендигин таанууга болбойт»,— деп табат (Я. А. Шер 1978). Мунун өзү байыркылардын Саймалы-Таштагы жана Чили-Сай ноосундагы сүрөт-жазмалардын сырын туюнтат, алар чыны менен эле астрономиялык, космогониялык, космомифологиялык белгилер экендигин күбөлөйт. А түгүл муну белгилүү археоастроном окумуштуу профессор П. Томкинстин бир сөзү билдирет. Маселен, ал Я. А. Шер сыяктуу эле өзүнүн көптөгөн изилдөөлөрүнүн биринде: «Хуфунун пирамидасын ким тапса ошол адам байыркы учурда жылдыздуу асмандын эң сонун картасын түзө алган жана анын жардамы менен аралыктарды туура өлчөй билген. Жер планетасынын картасын түзгөн, ошондой эле мунун жардамы менен байыркылар континеттерден континенттерге өтүшкөн, деңиздерден деңиздерге чыгышкан»,— деп билет. Окумуштуунун бул ою рухияттардын байыркы байланышын шарттап турат, алардын биздин жерге чейин келип жеткен жөн-жайын билдиргенсийт, өнүгүү абалдарына өбөлгө болгондой өңдөнөт. Булардын бирөө жогоруда биз белгилеген Саймалы-Таш сүрөт-жазмалары болсо, экинчиси байыркылардын биз сөз кылмакчы болгон сүрөт-жазмалары, Чили-Сай ноо чиймелери, андагы Ай, Күн элеси, Жер элеси, Жылдыздар элеси, Ай-Күн календары, жылдыз календары, жылдыз тогоолдору. Баса, биздин мындай ой жоруларыбызды окумуштуу Я. А. Шердин жогорудагы биз келтирген пикири эле күбөлөбөстөн окумуштуу В. Горячеванын билдирүүсү да ырастап турат. Анткени, ал өзүнүн көптөгөн изилдөөлөрүнүн биринде унутулган байыркы календарларга токтолуп келет да алардын эң байыркылары Кыргызстандын аймагындагы аска-таш беттеринде учурайт» — деп жазат. Ушундай эле ал биздин жергеде мындай календарлардын биздин заманга чейинки II—I мицинчи жылдарда бүткөндүгүн да келтирет. Башкысы бул багыт негизги багыт эле. Ошону менен бирге эле ал биздин байыркы ата-бабалардын аалам билиминин болгондугунан кабар берип турат.

«КЕРЕМЕТТЕН БИР КЕСИМ»

Сүрөт-жазма Ош областынын Ноокат районуна караштуу «Маданият» колхозунун түндүк-батыш багытындагы Чили-Сай аска ноосуунун бетине чейилген. Ноо демекчи, ал бул жердеги тоону түндүктөн-түштүккө карай кесип өтүп турат. Ошондуктан аны жергиликтүү эл Кескен-Бел деп аташат. Чындыгында, аны ким кескен жана эмне үчүн кескендигин эч ким билбейт. Динчилердин айтуусуна караганда, аны же Азиретаалы, же болбосо Мухаммед пайгамбар кескен имиш. Маселен, мунун түндүк-түштүк калыбын, кууш капчыгай калыбын динчилердин бирөө Азиретаалы Чили-Сай капчыгайына тосулган сууну Бүбү Айшага агызып берүү үчүн кылычы менен кескен экен дешсе, алардын экинчи бир тобу ошол эки капчыгайда кескен ноону Мухаммед пайгамбардын кылычынын изи имиш деп божомолдойт. Ал эми, андагы аска-ноодогу көп сандаган айланаларга келгенде, аны алар душманга торсуу бербей, бийик зоо аркылуу Мухаммед пайгамбарды ала качып чыгып кеткен дулдулдун изи экен деп билишет жана ага тооп кылышат. Баса, буга байланыштуу, жергиликтүүлөр бул жердеги ноону анан да «туяк» деп аташат. Бүгүнкү күнү «Туяктын» сыйынуучулары арбын. Маселен, ага жай айларында күнүнө жок дегенде 200-300 гө жакын киши келип-кетип турат. Булардын көпчүлүгү алыстан келгендер — дүйшөнбүлүктөр, ташкенттиктер, андижандыктар, самаркандыктар жана ферганалыктар. Айта кете турган нерсе төрт жыл ичинде биз булардын арбын тобу менен сүйлөшүүгө жетиштик, Ноодогу сүрөт-жазма жөнүндө кеп-кеңеш курдук. Эми алардын көпчүлүгү «туякка» тегин болуп калды.

Кескен-Белдин экинчи бир түшүндүрүлүшү бөтөнчө баяндалат. Жергиликтүү элдин кабардоосуна караганда, анын келип чыгуусу бул жерден анчалык алыс эмес аралыкка жайгашкан байыркы заводго байланыштуу бүткөн дешет. Тагыраак айтканда, алар муну ошол ноо заводго деп таш кесип алуудан пайда болгон деп билишет. Жергиликтүүлөрдүн кабардоосуна караганда, байыркылар бул жерде Кескен-Белдин ташынан чыны жасаган имиш. Ооба, булар уламыштар. Анан да бул эки топтогу «этимологдордун» ойлору диаметралдуу. Башкача айтканда, булардын бири экинчисин толуктай албайт, тескерисинче, танат. Чындыгында, бул жерде заводдун урандысы да бар. Ошондой эле анда иштетилген заттын калдыгы да табылат. Мындан тышкары заводдун түндүк-батышынан Чили-Сайды көздөй кеткен бийик көтөрүлгөн таш жол тоому да ке-

буга Ош областынын Алай районуна караштуу Күн-Элек аймагы, ага берилген геофизикалык топоним жана анын Күндүн-Элеги делип чечмелениши арийне күбө эле. Баса, мындай электер тоолуктар үчүн арбын жана көп жактуу да мындай элек байыркы учурда тоолуктар үчүн алардын ар-биринин өз аймактарына шарт.

Кыскасы, мындай элек байыркы учурда эгин эгип, мал багууга зарыл болуучу. Ооба, бул ишти алар атайлап жүргүзүшкөн. Айды Үркөр менен өлчөп, тогол менен чектешсе Күндү торгой арыш, чил арыш, чылбыр бою, аркан бою, тай чабым жана ат чабым деп ажыратышкан. А түгүл алар асман телолорунун тогошуу жана айлануу табияттары жөнүндө да унутушкан эмес. Жыйынтыктап айтканда, аалам жана ал жөнүндө билүү байыркылар үчүн эртеден керектелген, эмгек үчүн зарылданган.

Мындай зарыл шарт Ноокат өрөөнүндө бөтөнчө мүнөздөлөт. Булардын бирөө, маселен. Ай, Айдын Ноокат аймагындагы ойдуңдан көрүнгөн бир айлык абалы. Экинчиси-Күн, Күндүн ушул эле аймактагы болгон 365 күндүк түнөгү жана анын Ноокат өрөөнүн курчаган тоолорго болгон сфералык катышы. Ушундай эле буга Ноокат ойдуңунан көрүнгөн кыймылдуу жылдыздар абалы кошумча жана алардын сфералык чектери далил. Башкысы ноокаттыктар бул чондуктарды беш колдой билишет жана алардын сфералык катышынан түрдүү астрофизикалык ой-түшүнүктөрдү айтышат. Мындай түшүнүктөр көбүнчө улгайган адамдар арасында көп учурайт. Бүгүнкү күнү алардын кимисине жолукпа Айга, же Күнгө карап туруп эле жылдын кайсыл учуру экендигин жана анын кандай болоорун айтып берет. Чындыгында ноокаттыктар — элдик астрономияга жакын эл. Алар мындай түшүнүктү жылдыздар боюнча да кеңири айтышат.

Ноокат өрөөнү деңиз деңгээлинен 1200-1500 метр бийиктеги аймак. Андыктан бул жерден Саманчынын жолу, анан Аалам мейкиндигиндеги экватордук абалы жана анын Жер экваторуна карама-каршы келүү элеси ачык көрүнөт. Бөтөнчө Чолпон, Чоң Жетиген, Кичине Жетиген, Үч Каркыра, Үркөр, Алтын, Аркар ж. б. у. с. жылдыздардын бул ойдундагы астрофизикалык кыймылы жана алардын жогорудагы биз белгилеген чокуларга карата болгон багыттары айкын жана элестүү.

Баса, биз бул чектөөлөрдү өзүбүз жүргүзгөн атайын иш тажрыйбага, мектеп астроном мугалимдеринин көп жылдык байкоолоруна, жергиликтүү элдин бай маалыматына жана алардын оозеки астрофольклордук, космогониялык материалына, ошондой эле календарына негиздедик.

гүү абалдары байыркы шумердик, вавилондук индиялык жана кытайлык жрецтердин байкоолорунда, талисмандарында ою-чийүүлөрүндө, ошондой эле сүрөт-жазмаларында бар экендиги талашсыз.

А түгүл, бул көрүнүш индейцтердин маданиятында да бай. Булардан айырмаланып ал-байыркы гректерде жана арабдарда, ошондой эле орто кылымда Орто Азия жана Борбордук Азия элдери үчүн система, же болбосо кадыресе илим катарында өнүгөт. Булардын ичинен Чили-Сай чийме зодикаттары акыркы бөтөнчөлүктөргө жакын. Бирок мунун башкы багыты изилдөө объектиге жана ал жөнүндөгү метологиялык принципке тиешелүү дегенибиз оң. Тагыраак айтканда, Чили-Сай чиймелери дүйнөлүк астрография илиминин тарыхына салыштырмалуу чечилет. Меселен андагы кээ бир бөлүктөр, байыркы таш короолор жана менгирлер байыркылардын (биздин оюбузча) жарык өлчөгүч таштары. Бөтөнчө буга Чили-Сай чиймелеринин кээ бир профилдери, ушундай эле бул аймактагы мазар таштар, алардын менгирдик калыптары жана мовзолейдик түрлөрү, а түгүл алар түзгөн айлана профилдери күбө десек жетиштүү. Жалпысынан, булар байыркы адамдардын таанып-билүүсү, алардын жарыкка болгон умтулуусу жана астрономиялык ой-түшүнүгү деген ойдобуз. Баса, буларга болгон динчилердин бүгүнкү күнкү табынуусу да ушуга байланыштуу болсо керек.

Маселен, алардын бул жерде болгон түлөө өткөрүүлөрү ар кандай ритуалдарды жана оюндарды белгилешери бул көрүнүштүн байыркылыгын билдирип, анын байыркы замандардан бери эле жарыкка тоон кылуучу жай экендиги баяндалып турат. Жыйынтыктап айтканда, бул эки чоңдук түгөй көрүнүш же болбосо булардын менгирдик калыптары жана чийме биримдиктери бири-бирине шарт.

Дагы бир далил

Чили-Сай чиймелерин изилдөөдө Стоунхендж таш короосу обсерваториялык маани-маңызы олуттуу. Башкача айтканда, анын астрономиялык жактан болгон метологиясы жалпы эле менгирлер системасына Чили-Сай чиймелерине тил бергендей сезилет.

Башкысы бул белги. Сахава менгирлерине ачкыч. Ошондой эле алардын астрономиялык катышта экендигин да туюнтуп турат. Жана да буга андагы жүздөгөн тонна менгирлердин түзүлүшү, алардын жайгашкан геометриялык профилдери жана ошол профилдердин диаметралдык абалдары күбө демекчибиз. Негизгиси бул белгилер ай, күн

Андагы курмандыкка алынып бара жаткан адам элеси Ай кудай-Сингге болгон сый. (Ч. Лаукатка 1950, Я. И. Шур 1962).

Айтмакчы, мындай сый байыркы учурда түрк-монгол элдеринде Ай канга арналган. А түгүл мындай сый кээ бир учурларда түрк-монголдордо Көктүн, Көкө Теңирдин уулуу деген ат менен падышаларга да көрүнгөн.

Маселен, мындай элементтин бардыгы «Манас» эпосу боюнча байыркы учурда кара кытайларга тиешелүү болуптур.

Сиздейлерге мурунтан,
Урмат кылган ишибиз.
Тяньшандан келген чоң улук,
Садага кылып жолуна
Чаба турган кишибиз.

Ушундай эле бул шарт байыркы учурда башка көчмөндөр сыяктуу эле кыргыздарга да мүнөздүү болгон. Маселен, анын болгондугун жана сакталгандыгын Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан көрүүгө болот. Андагы Ашыр аттуу кол жигиттин Шераалы ханга курмандык чалынышынан байкалат. Мындан тышкары муну байыркылардын жылдыздарга байланыштырган Ай Туякка, ак боз бээ, Айры Өркөчкө төө жана Ай Мүйүзгө уй айтуулары туюнтулат. Натыйжада, булар Сахава менгирлеринин байыркылыгын билдирет. Андагы менгирлерге жана ага жакын турган Чили-Сай ноосундагы чиймелерге болгон динчилердин ишеним башатын ачат. Баса, динчилердин бул өрөөнгө алыстан абаз кылып келгенинин бышкы себеби да ушул, адат эскерүү, болуу керек.

Ырас, буга күмөн жок. Маселен, байыркылардын улуу Олимпиага, Фудзиямага, Эверикске жана Кан-Теңирине болгон сыйынуулары да ушуга байланыштуу болучу, же болбосо алардын бийиктигине, ошондой эле асман телолоруна болгон жакындыгына, кудайга, жарыкка болгон жакындашына тиешеленген эле. Буга Ош шаарынын ортосунда жайгашкан айтылуу Сулайман-Тоосу (Баракух) жана анын динчилдер тарабынан касиеттүү, ыйык образы да күбө боло алат десек жетиштүү.

Бөтөнчө анын туу чокусунан табылып жаткан көрүстөндөр, үйлөр, сыйынуу аянтчалары, жашоону, жаралууну туюнткан сүрөт-жазмалар жана буюмдар байыркы жергиликтүү жрецтердин оштук жрецтердин иши болсо керек деген ойго калтырат. Ушундай эле муну Түштүк Кыргызстандын кээ бир тоо чокуларында салынган таш үйлөр күбөлөйт жана алардын мазардык белгилер экенди-

тарды» түрктөр менен монголдордун курмандык өткөрүүчү жери» — деп билген (И. Эрдели). Аталган таштардын Тянь-Шанга таралышы анын Түштүк Сибирь жана Монголиядагы жээк-жааттарындай эле изилдене элек. Маселен, буга анын бардыгы жана Соң-Көл эстеликтеринин ичинен Таш-Тулга маалыматы күбө болору арийне (Я. А. Шер, 1960—1962). Археологдордун кабардоосуна караганда, Таш-Тулга эстелиги Түштүк Сибирь жана Монголия менгирлерине окшош, же болбосо, булардын теги бир. Маселен, тарых илимдеринин доктору, көрүнүктүү археолог Я. А. Шердин маалыматы боюнча бул бөтөнчөлүктөрдүн таралышы жогорудагы региондо жашаган көчмөндөрдүн биздин эрага чейинки VI—V кылымдарында келип курулган (Я. А. Шердин жогоруда эскертилген эмгеги). Ал эми, булардын милдети эмнеде жана алар ким тарабынан, эмне үчүн коюлган деген суроолорго так жооп жок. Баамыбызда, булардын негизи алардын менгирдик калыбында болсо керек жана ошондой эле абсерваториялык мааниге байланыштуу колдонулгандай сыяктанат. А түгүл биздин оюбузча мындай милдеттеринин бири — байыркылардын менгирлерге болгон табынуулары, тагыраак айтканда, алардын отко, жалпы эле алганда, жарыкчылыкка — Айга, Күнгө болгон сыйынуулары болуп саналат.

Бирок, бул белгилердин Соң-Көл менгирлеринде сакталышы азырынча белгисиз. Буга карабастан байыркы учурда мындай үрп-адаттардын болгондугуна күмөн жок десек жаңылышпайбыз. Маселен муну Соң-Көл Таш-Тулга комплекси күбөлөйт десек жетиштүү. Башкача айтканда, андагы тургузулган таштар жана алар түзгөн айланалар, а түгүл алардын белгилүү бир багытка карай созулуп жатышы байыркылардын мерривейлде Мид-Клитте, ошондой эле ментте жолугуучу менгирлерин элестетет.

Булардын ичинен Мерривейл менгирлеринин кээ бирлери айлана түзөрү кызыктуу же болбосо алар алдыңкы ойду ырастайт. Маселен, булардын саны Мерривейл менгирлер сабындагы айланаларда 10 таштан түзүлсө (Дж. Вуд, 1981) Соң-Көл менгирлеринин түзгөн айланалар сабындагы ар бир айлана 8—9 таштан турат. Тагыраак айтканда, анын түндүктөн түштүккө карай кетип чыгышка 20 градус бурулган сабындагы ар бир айлана 9 таштан турса, ал эми анын калган багыттарындагы сап түзгөн айланалар, алардын Түштүк Сибирдеги жана Монголиядагы тектештеринде эле 8 таштан түзүлөт. (Я. А. Шер, аталган эмгек). Ушундай эле булардын кээ бир бөлүктөрүнүн ортосуна коюлган тик таштар кызыктуу. Негизинен

Педагогического института
ИНВ. № 788088

ишинен кабардар жана тогоол сүрүүгө көнүккөн, ошондой эле Күн жүрүшүнө караган, назар салган карыялардын речинен жолуктурабыз.

Айтмакчы, бул ойдун учу элибиздеги «Мекенден таш көтөрүп келгенсип» деген сөз тизмегинде келгени айкын (К. К. Юдахин—1965). Башкача айтканда таш, же болбосо бул сөз элибиздин турмушуна эртеден керек болгон. Маселен, буга бир тарабынан жогоруда биз сөз кылган менгирлердин алыстан атайлап алып келингендиги далил. Экинчи жагынан болсо таш коюлган жерлердин түздүгүнө байланыштуу бүткөндүгүн, жакын арада ошондой эле мындай таштардын жок экенине карата келип чыккандыгын келтирсек жетиштүү. (Я. А. Шер, 1984 Дж. Вуд, 1981). Буга байланыштуу элибиздин байыркы турмушунда алыстан таш тартып келген адамдарга бөтөнчө маани берилгендиги сезилет. Муну менен жогоруда келтирилген накылдардын тегин эместиги күбөлөнөт. Алардын эсеп, чек жана табынуу бирдигинен тартып, жадыгөйлүк калыптарына чейинки белгилери байыркылардын таш жумуштарына байланыштуу пайда болгондугун туюнтат. Булардын негизги асман телолорун үйрөнүүдө эле жана ага байланыштуу коюлган менгирдик түзүлүштө болучу.

Сөзүбүздүн аягында асман телолорун үйрөнүү элибиздин эзелки иштеринен демекчибиз. Маселен, анын бири жогоруда биз сөз кылган астроархитектуралар болсо, экинчиси Сахава менгирлери, алардын Чили-Сай ноо чиймелерине болгон катышы болуп саналат. Жана да булардын зарылдыгы эмнеде эле? деген суроо туулат. Биздин оюбузча бул суроо закондуу суроо. Анан да бул суроо ритуалдарды жана ар кандай диндик ырым-жырымдарды түшүнтүүгө жардамчы суроо демекчибиз. Маселен, булардын бирөө — байыркы түрк кургандарындагы үйүлгөн сөөлөт таштар жана анын үстүнө коюлган тик таш же болбосо балбалдар десек жетиштүү. Баса, булардын милдети маркумду жарыкка, тагыраак айтканда Айга, Күнгө табынтуу дегенге барабар. Ушундай эле анын бардыгы жана колдонулушу, Сибирь түрктөрүнө байыртан маалым же болбосо муну алардын таш короолорго (менгирлерге) эле эмес, жалпы эле сөөлөт таштуу кургандарга, көтөрмөлөргө болгон табынуулары туюнтат. А түгүл буга элибиздин Айдын жаңырышына карата айтылган: Ай көрдүм, аман көрдүм атту афоризмдери далил. Жыйынтыктап айтканда, байыркы түшүнүктөрдүн мындай бүтүмү законду кубулуш. Андыктан булардын биз тараптан болгон божомолдонуп жаткан бүтүмү жана алардын Чили-Сай ноо чиймелерине тийгизген таасири тарыхый закон ченемдүүлүк.

Биз сөз кылмакчы болгон менгирлер (таш желелер жана корумдар) Сахава аймагынын батыш багытын ээлеп турат. Ушундай эле анын дагы бир бөлүгү бул түзүлүштүн ортосунда жайгашкан. Ал эми мунун түндүк түштүк жана чыгыш бөлүктөрүнүн бардыгы азырынча илимге белгисиз.

Биздин оюбузча анын бардыгы ушул эле аймактагы «маданият» колхозунун жердигине, айдоо аянтына, эл жашаган айыл-кыштактарга сиңип кеткенсийт. Маселен, муну бул жөнүндөгү карыялардын кабардоосу билдирет. Карыялардын кабардоосуна караганда, илгери бул кубулуштардын түндүк, түштүк капшыттары да болуптур. Буларга салыштырмалуу анын чыгыш бөлүгү эртерээк өчкөндөй байкалат. Башкача айтканда, анын мындай өчүп кетишине бул жердеги бактуу кыштак, андагы өнүккөн агротехника жана ошондой эле бул кыштактын байыртан бар экендиги себепчи болсо керек. Жыйынтыктап айтканда, бул түзүлүш — Сахава менгирлеринин байыркы бир калыбы. Ушундай эле анын мындай түзүлүшү кадимки Стоунхендж таш короосунун тышкы алкагын туюнтат. (Дж. Вуд, 1981). А түгүл анын мындай калыбы Мерривейл, Бродгага, Касл-Ригге, Пенменмауре, Моэл-Ти Ухафе таш алкактарынын түзүлүшүнө да элестеш десек болот (Дж. Вуд, 1981).

Башкысы бул эстелик — байыркы түзүлүш. Биздин оюбузча, анын теги Сахава аймагындагы кыштак түзүлүшүнөн илгери пайда болгондой көрүнөт. Бери болгондо ал биздин эрага чейинки замандын I миңинчи жылдарында эле бүткөн болуу керек. А мүмкүн анын II миңинчи жылдарына да илешер, неси болсо да бул бөтөнчөлүктүн байыркылыгында талаш жок. Маселен, буга ушул эле жерден 1979-жылы жергиликтүү эл тарабынан табылган байыркылардын таш кылычы жана анын бетиндеги астрографиялык Аалам наамасы күбө боло алат десек жетиштүү (бул жөнүндө атайын сөз болот).

Жогоруда белгилегендей эле, Сахава менгирлеринин тышкы алкагы азырынча изилдене элек. А түгүл булардын бар экендиги жөнүндө атайын кабар да жок. Маселен, анын бирөө биз сөз кылган багыттагы аймактын түндүк-түштүк ордун чектеген батыш таш желе. Булар биринчиден аталган аймактын эки жагына эки чоң таш коюу менен чектелсе, экинчиден булардын ортосунда азыр ушул күнү бүгүн да аздыр-көптүр сейрек майда таштардын бардыгы менен мүнөздөлгөнсүйт.

Ушул эле учурда аталган алкактын түндүк-чыгыш чегин Сурпа-Таш ата мазары, аны түзгөн таш үймөк жана андагы атайын таштан тизилип жасалган (туурасы 25 м, узуну — 28 м) аянтчанын бардыгы туура келет. Өзгөчө анын

Биз жагдайларды бул жердеги айыл аксакалдарынын айтуусу боюнча жана алардын көргөзүп берүүлөрүнүн негизинде белгиледик. А түгүл алардын ээлеген ордун да тактадык. Жалпысынан бул аянт 20—25 гектарга барабар болуп чыкты. Натыйжада буларга тийиштүү көлөм, өлчөм жана сан бирдик чектерин да белгиледик. Булар жергиликтүү элдердин көрсөтүүсүнө караганда, сан жагынан 9, көлөмү боюнча тегерек, же болбосо пирамида түрүндөгү чоң жана бийик корумдар болуптур. Азыркы учурда булардын нугу гана байкалат. Ал эми, алардын жалпы тулкусу жөнүндө сөз козгогондо кечээ эле сүрүлгөн дешет.

Атап айтканда, корумдар ээлеген аянттын жара кесилиштери 14—14 метрден 25—25 метрге чейин жетерин көрүүгө болот. Ушундай эле булардын бийиктиги да 2—3 метрден кем эмес болгон экен. Жергиликтүү элдин билдирүүлөрү боюнча корумдар бул өрөөндөгү таштардын тегин үйүндүсү эмес, а түгүл айдоо аянтын тазалоодо чыккан таш да боло албайт. Жалпы эле алардын бул өрөөнгө атайлап алып келгендигине шек жок.

Чындыгында бул түзүлүш — кызык жана табышмактуу көрүнүш эле. Анын сан жагынан 9 болуп турушу кадимки Соң-Көл таш тулгасын эске салат. Ал эми, булардын пирамида, же болбосо үймөк түрүндөгү түзүлүшү учурунда талаа обсерваториялык бөтөнчөлүктөрүн элестетет. Ушундай эле булардын мындай түзүлүштөрү, же болбосо үймөк түрүндөгү жолугушун байыркылардын жарык өлчөө бурчтарын кабардагансыйт, анын көп бурчтуу тик бурчтук элесин эске салат. Жана да булар бийиктиги жактан 2—3 метр эле эмес, убагында 4—5 метрге чейин жетиши ыктымал болгонсуйт. Жыйынтыктап айтканда, бул түзүлүш биздин оюбузча байыркылардын жарык таанып-билүүсүндөгү дагы бир чоң табылгасы эле.

Ошондой эле бул менгирдик обсерваториянын өнүгүүсүндөгү ири архитектуралык курулушка окшошот. Андыктан муну үйрөнүү жана анын өчүп бара жаткан калыбын тез аранын ичинде сактап калуу археология илиминин калтырылгыс жумушу десек жаңылышпайбыз.

Бул белги — Чили-Сай ноо чиймесине канатташ белги. Сахава менгирлеринин ички алкагы анын тышкы алкагынын болушун шарттагандай эле, борбордук алкагынын болушун да мүнөздөп тургансыйт. Бирок, анын бул алкак чегинин идеялуу жана анын келтирилген айлананын борборунда жаткан калыбы жөнүндө азырынча кабар жок. Буга карабастан андагы устун таштардын бардыгын жана алардын бул тегиздиктен алган орду ой козгойт.

Биз сөз кылмакчы болуп жаткан устун таштар аталган

быз» — деген болуучу ою ордунан чыкпагандан кийин, ал түнү качып кетип калган деп күлүп койду. Баамыбызда жогоруда биз сөз кылган таштын төртөө ушул кезде күбүргө түшүп кеткен болуу керек.

Бадалов Мырзабаатыр акенин айтуусуна караганда, жогорку дөңсөөнүн жанында дагы бир чоң дөңсөө болгон экен. «Маданият» колхозунун правлениеси аны тегиздетип, ордуна имарат курат. Тегиздөө учурунда анын алдынан атайын коюлган түркүк жыгачтар чыгат. Алардын биринин ичине оюлуп салынган баалуу тыйындар табылат.

Ырас бул белгилер — олуттуу белгилер. Ушундай эле булардын биз сөз кылган таш алкактарга тиешеси барбы? Эгер болгон болсо, анда бул жердеги дөңсөөнүн биринен чыккан жогорудагы белгилер жана андагы баалуу тыйындар, ошондой эле маркум сөөгүнүн болушу кандайча мүнөздөлөт? Жалпы эле алганда, бул туюнтмалардын жолугушу байыркылардын астрономиялык түшүнүгүнө жана алардын буга байланыштуу болгон обсерваториялык курулушуна кандайча тиешеленет деген суроолор да туула берет.

Ооба, бул көрүнүш — археоастрономия илиминин теориясындагы чечилбей келе жаткан ири маселелердин бири. Бирок, ошондой болсо да анын далилдүүлүгүнө күнөм жок. Бөтөнчө буга Стоунхендж археоастрономия илиминин теориясы, жалпы алганда анын методологиялык жактан болгон концепциясы далил демекчибиз. А түгүл буга Нью-Грейдждеги маркумдар мавзолейинин астрономиялык мааниси далил. Ушундай эле муну Стоунхендж менгирлеринин биринин астынан табылган маркум сөөгү ырастап турат (Дж. Вуд, 1981). Ал эми андагы тыйындар жөнүндө сөз кылганда, алардын бул көрүнүшкө кошумча экендиги билинет. Тагыраак айтканда, бул белги байыркылардын коомдук саясий экономикасы, анын негизинде пайда болгон рухий потенциалы жана нравасы эле.

Айтмакчы, мындай көрүнүш дүйнө элдеринде кеңири жолугат. Анын бири Борбордук жана Орто Азия көчмөндөрүнө мүнөздүү десек жетиштүү. Маселен, байыркы гундар мүрзөсүнө өзүлөрү менен бирге дүр-дүнүйөсүн, минген атын, кийген кийимин, жоо-жарагын, аялын жана кулун, кээде ит-кушун кошо койдурганы маалым. Ушундай эле алар бейиттеринин үстүнө таштан корум жасаттырган. Демейде алар мындай корумдардын үстүнө атайын балбан таштарды жана таш мололорду тургузуп кетишкен. Максаттары жарыкчылыкка, айга, күнгө табынуу отко сыйынуу болгон. «От» демекчи алар аны жогоруда бир катар белгилегендей эле таш аркылуу билишкен. Буга байла-

ТАШ ҮЙ

Ырас, бул үй-ажайып үй, Чили-Сай аска-ноо чиймелерине бет мандай үй, андагы капчыгай ооз, Чили-Сай ооз жайгашкан аскадагы үй же болбосо аны тешип, атайлап оюп, чукуп жасаган үй, мармар таш үй, үңкүр үй, кош кабат үңкүр үй. Таш үй демекчи бул үңкүр үйдүн узундугу кырк, элүү, туурасы 4—5, ал эми бийиктиги болсо 2,3 метрге барабар. Жергиликтүү элдин айтуусуна караганда бул үйдүн үстүнкү кабатынын оозу чыгыш жактан коюлса, ал эми анын алдынкы кабатынын оозу батыш жактан чыгарылыптыр, Чили-Сай аска ноосуна туш чыгарылыптыр. Анан да жергиликтүүлөр бул эки үңкүрдүн ооздору өз учурунда ак жалпак таштар менен жабылып туруучу эле деп кабарлашат. Ушундай эле алар бул эки кабаты бириктирилген өткөөл да болгон болуу керек эле деп айтышат. «Ичине киргенде — дейт күбөлөр, күүлдөгөн доош чыгып турар эле» дешет. Биздин оюбузча, бул доош Чили-Сайды жара тээп агып жаткан дарыянын шары, шарылдаган жаңырыгы болуу керек. Ооба, тилекке каршы азыр бул объектилерди көрүүгө болбойт. Анткени, анын тоомунда азыр күнү бүгүн жаңы салынган жол жатат. Жергиликтүү элдин кабардоосуна караганда, жолдун баштапкы тоому дал ушул Боз-Бөлтөктөн, асканын үстүнөн өткөн жана ал андан ары Чили-Сайды бойлоп кетиптир. Айтмакчы, элдин айтуусуна караганда, башта бул капчыгайга өткөн кан жол жок экен. Бар болгону бир ушул жол болуптур. Аттуу-жөө жүрүүчү бир таман жол болуптур. Мына ошол жолдун нугу ушул экен. Чили-Сайга жогоруда биз сөз кылган Боз-Бөлтөктү кесип өтүп турган жол ушул, ал элдин тоо жолу, кербен жолу болуптур. Гиз-Коргон, Гизарт жана айтылуу Ак-Төө, Алай жайлоолоруна алып баруучу жол экен. Кийинчерээк тар жол, тайгак кечүүдөн тажаган эл аны кеңейтип, машина өткөрүүнү чечет, кечүү бербеген капчыгайды кесип өтүшүп жол салышат, машина жол салышат. Мына ушул тоскоолдуктарга биринчилерден болуп Чили-Сай оозундагы Боз-Бөлтөк аска кабылат. «Жергиликтүү инженерлер» Боз-Бөлтөк асканы теңге бөлөт. Натыйжада кош кабат курулуштун үстүнкү кабаты жок кылынат, аны алар жардыргыч менен бузушат. Натыйжада анын үстүнкү бөлүгү талкаланат, алдынкы бөлүгүн топо басат. Азыркы учурда анын бар экендигин жана болгондугун байкоо кыйын, эгерде анын үстүнкү кабатынын түндүк жак капшыты калбаган болсо, анда буга окурман түгүл окумуштуу да ишенбес эле. Мына ошол түндүк жак

дын камердик обсерваториясы. Жалпысынан ал
ы заман обсерваториялык курулуштарынын куполдук
үшүн элестетип турат. Буга Чили-Сай аска-ноосу
иси) обсерваториялык куполдун элесин берет, болбо-
ын сектанты, шастиси катары кызмат кылгансыйт.
дай эле анын Чили-Сай аска-ноосу менен кесилиш-
ери байыркы индиялыктардын көп баскычтуу күн
ваториясынын элесин туюнтат. Бул биздин оюбузча,
ен Чили-Сай камердик обсерваториясынын бир көрү-
эле. Ал эми, анын дагы бир кудурети камердик ка-
ида, мармар (мрамор) үңкүр калыбында. Башкача
нда, анын ички абалында. Ырас, бул абал азырынча
толук дайын эмес. Андыктан ал жөнүндө атайын сөз
эрте. Бирок ошого карабастан, анын бул үңкүр үй
Чили-Сай аска-ноо чиймелерине шарт демекчибиз.
ни, мындай шарт асман телолорун изилдөө байкоо
этө эле ыңгайлуу шарт. Анын мындай бөтөнчө күнгө
ыкташкансыйт, Айга ылайыкташкансыйт, Күн жары-
365 күн, 5 саат, 45 минута 46 секундага барабар
н убакытын билдиргенсийт. Ай жарыгынын Жерге
н катышын чагылткандай өндөнөт, анын 357 күндүн
ына арийне болгонсуйт. Маселен, эгер мындай шарт
болбогон болсо, анда байыркы майя окумуштуула-
бсерваториялык курулушту кумпалап (куподон) бе-
, шахтасын жердин алдына терең түшүрбөс эле.
дай эле Мухаммед Тарагай Улукбектин теңдешсиз
ваторгиялык курулушунун шахтасы да жерге терен
үлбөйт болуучу.
шкача айтканда, биздин оюбузча байыркылар үчүн
шарт болгон. Алар муну менен асман телолорун
ган, аалам экваторун билген жана асман жылдызда-
календардык калыбын байкашкан демекчибиз.
дай эле муну Чили-Сай аска-ноо чиймелери жана
бетине чечилген элеси, алардын чечилүү градустук
дары жылдыздын зоодияктык белгилери, туюнтулуш-
айкындап турат. Ошондой эле буга бул сүрөт-жазма-
ы жылдыздар топчолорунун (скопление звезд) бе-
ши бөтөнчө. Мындан тышкары муну андагы Ай, Күн
арынын берилишин билдирет, алардын календардык
птары жана елицентризмдик белгилери күбөлөйт. Ал
булардын квадраттык абалдарына келгенде, алардын
ай калыптары сфералык туюнтмалар экендигине
аларга байланыштуу бүткөн геометрия, математика,
афия, ошондой эле астрономия экендигине да та-
жок.

Алгач

Чили-Сай чийме — эртеден белгилүү сүрөт-жазма. Башкача айтканда, бул сүрөт-жазманы жергиликтүү эл баштатан билишкен жана алар ага сыйынышкан. Андыктан алар бул сүрөт-жазманы бирде кайсыл бир падышанын мөөрү дешсе, бирде аны Мухаммед пайгамбардын атынын туяк изи, же болбосо тек гана туяк деп таанышкан.

Илимде аны биринчиден болуп, белгилүү окумуштуу, профессор А. Н Бернштам кабарлаган. Бирок ал бул сүрөт-жазмага бөтөнчө маани бербестен тек гана бул өрөөндөгү тарыхый эстеликтерге байкоо жүргүзгөн. Ошондой эле ал муну жогоруда биз белгилегендей астрография катарында эмес, жалпы эле мурас катарында тааныган.

Убакыт буйлалаган төө эмес. Андан бери бир топ жылдар өттү, өмүр кетти. Бул мезгилдин ичинде Сахавага кимдер келип кетпеди, Чили-Сай чиймесине кимдер назар салбады, кимдер гана таңданган жок.

Жергиликтүү аксакалдардын кабардоосуна караганда, Чили-Сай аска ноо чиймесине келип кеткен окумуштуулар арбын болуптур. Маселен, аны бирде самаркандыктар изилдесе, бирде ташкендиктер жана дүйшөмбүлүктөр текшеришиптир. Ушундай эле бул сүрөт-жазмага өз учурунда фрунзеликтер жана москвалыктар да кызыгышпай коюшкан эмес. Ошондой эле ленинграддыктар да буга көңүл бөлүшөт. Ферганадан, маселен, бул жерге археолог Карадивана, ташкенттен археограф Абдырахмановдор келишет. Ал эми Фрунзе, Москва, Ленинграддан келгендердин саны бир топ арбын.

Булардын катарында тарых илиминин докторлору Я. А. Шер, Ю. А. Заднепровский, Лившитц жана филология илимдеринин доктору К. М. Мусаев, кандидаттары Ч. Ж. Жумагулов, С. С. Сыдыков, Дж. М. Мамытов, К. И. Ибрагимов, ошондой эле жаш окумуштуулар М. Т. Толубаев, М. А. Махмануровдор сыяктуу бир катар ынтызарлар болушат. Окумуштуулардын ичинен Я. А. Шер, Ю. А. Заднепровский жана Лившитцтер аталган сүрөт-жазманы таза археологиялык планда билишсе, Ч. Дж. Жумагулов жана С. С. Сыдыковдор андагы фонографиялык жазуунун бардыгына көңүл бөлүшөт. Фонография демекчи муну биз советтик тюрколог окумуштуулардын кеңири чөйрөсүнө көрсөтүп чыктык. Натыйжада булар, Чили-Сай аска ноосундагы мындай жазмалар, чыны менен эле байыркылардын тыбыштык жазуусу болуп табылды. Окумуштуулардын ою боюнча бул жазмалар байыркылардын согда, түрк

андагы сүрөттөр жана тамгалар, алардын профилдерин түшүрүү болду. Башкысы буга атайын даярдалган архитектуралык курулуш жана беш алты кишиден кем болбогон жумушчу күчү керектелди. Мындан тышкары саймалардын (сүрөттөрдүн жана тамгалардын) профилдерин, эстампаждарын жана фото-съемкаларын алуу үчүн керектелүүчү техникалык, тагыраак айтканда, материалдык каражаттар керектелди. Маселен, ага бери болгондо 500 метр полиэтилен жана фергаменттик кагаз, ошондой эле фергаменттик кагазга иштетүүчү атайын боёктор, мындан тышкары ондогон фото-материалдар керектелди. Ал эми, буга жумшалуучу атайын архитектуралык курулуш каражаттарын эсептегенде; анда ага эч бир илим изилдөө институту белсенип кирише бербес эле. Ушундай эле муну изилдөөгө археологдор гана киришпестен, астрономдор, астрографтар, геологдор, химиктер, математиктер, географтар, геодезисттер, нагыз тарыхчылар, филолог-археографтар жана онамистиктер ж. б. у. с. катышуусу абзел болуучу. Мындан тышкары ага көптөгөн атайын лаборатория иш жүргүзүшү керек эле. Мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша негизгиси бизге бул өткөлдүктөрдү жеңүү керек болду. Оюбузду ОшПИнин ректору доцент С. Ж. Жумагулов колдоп чыкты. Ушундай эле буга Ноокат районунун партиялык уюму жана «Маданият» колхозунун правлениеси жакындан жардам берди. Карамагыбызга тиешелүү кишилер бөлүндү, алгачкы эки комплекске өттүк. Булардын Биринчиси жогорудагы аталган бийиктикке аркан-жип таштоо болсо, экинчиси ага карай шаты аркылуу көтөрүлүү болучу.

План боюнча аскага бургу салынып, анын асты-үстүнө тийиштүү өлчөмдөгү темир казыктар катылды жана аларга 600 метрден ашуун аркан-жип бекитилди. Мындан тышкары аркандарга төмөндөн жогору көтөрүү үчүн шатылар байланды. Бирок бул иш тажрыйбабыз архитектуралык жана техникалык жактан туура болгону менен коопсуздук жактан алгылыксыз болуп чыкты. Тагыраак айтканда, мындай ык менен жогору көтөрүлүүгө жана анда туруп бийиктикке иштөө мүмкүн эмес эле. Мунун өзү байыркы адамдардын бул бийиктикке жогоруда аталган саймаларды чегүү үчүн аркан-жип, же болбосо, шаты менен эмес, атайын тургузулган курулуштардын жардамы астында бүтүргөндүгү күбөлөнүп жатты. Биздин оюбузча, алардын мындай комплекстик курулушунун туурасы бери болгондо 30—35, ал эми бийиктиги болсо 40—45 метр болгон болсо керек. Көптөгөн кайчылар, жөлөгүчтөр коюлуп, иштөөгө ылайыкташтырылган атайын секичелер түзүлгөнсүйт. Мунун өзү алар бул жерде айлап, же болбосо жумалап эмес,

чилерден болуп Москва шаарында жашоочу МБУнун профессору белгилүү окумуштуу, советтик археолог Л. Р. Кызыласов менен жолугуштук. Окумуштуунун ой-түшүнүгү биздин ой-түшүнүккө жакын чыкты. Ошону менен бирге ал бизди Советтик көрүнүктүү окумуштуулар, таш беттериндеги сүрөт жазмалар менен иштеген археологдор М. А. Дэвлет менен Я. А. Щер сыяктуу илимпоздор менен жолугушууга кенеш берди.

Издеген табат эмеспи. Москвада М. А. Дэвлетке жолуктум. Ал өтө жөнөкөй жана акылдуу аял экен. Ишти көрүп эле кызыгып калды. Ушундай эле ал буга чейин мындай сүрөт-жазмаларды жолуктура электигин билдирди. «Кандай гана болбосун,— деп сөз козгоду окумуштуу — бул сүрөт-жазмалар байыркылардын коло доор сүрөт-жазмалары. Байыркылар мындай сүрөт-жазмалар менен өздөрүнүн аалам таанууларын билдиришкен жана алар ага сыйынышкан» — деп келип токтоду. Мындан тышкары биз Москва шаарында көптөгөн археолог окумуштуулар менен да ой бөлүштүк. Булардын катарында Новикова Лариса Андреевна жана Оськин Александр Васильевичтер да бар эле. Ушул эле ойду биз Москва шаарында ИИЕТтин (Исследовательский институт естество техники) алдындагы астрономия тарыхы боюнча өткөрүлүүчү семинарга тартууладык. Семинардын катышуучулары муну берилүү менен угушту. Ошол эле учурда анын жетекчиси физико-математика илимдеринин доктору, профессор Гурнштейн Александр Аронович байыркы азиаттардын ритуалдык белгилери деп билди. Ал эми, анын катышуучуларынын бири, физико-математика илимдеринин доктору, профессор маркум Горбунов Олег Васильевич болсо, муну байыркы азиаттардын аалам атласы болсо керек деп тааныды. Анан да бул иш боюнча биз менен бирдикте иштешүүгө даяр экенин билдирди. Тилекке каршы ал өз максатына жеткен жок, көп өтпөй эле шум ажал аны биздин катарыбыздан алып кетти.

Ошентип биз Москва шаарында оюбузду көпкө улап жүрүп отурдук, окумуштуулардан окумуштууларга өткөрдүк, семинарлардан семинарларга койдук, жыйындардан жыйындарга чыгардык. Акыр аягы Ленинград шаарына барууга туура келди. Ленинграддык археолог окумуштуулардын бул сүрөт-жазма жөнүндөгү ой-туйгуларын билүүгө туура келди. Анын үстүнө Ленинграддык археолог окумуштуулардын орчундуу тобу Орто Азияны үйрөнүшөт экен.

Ленинградга келерим менен СССР илимдер академиясынын Ленинград шаарындагы Археология, тарых, этно-

Кайрадан Сахавага жөнөдүк, Чили-Сай капчыгайына келдик. Андагы аска ноо бетиндеги сүрөт-жазмага келдик. Айтмакчы бул жолу Чили-Сай аска-ноо чиймесине туптуура бир жарым жылдан кийин келдик. Аска бетине кайрадан аркан жип тарттык жана андагы тегиздикти белгилүү квадраттарга бөлдүк. Натыйжада кайсы сүрөт канчанчы квадратта тургандыгы аныкталды. Мындан тышкары ишибизге кошумча ыкмаларды коштук. Бул жолу ага курулушчулардын жогорку кабаттуу үйлөргө жүк алып берүүчү жана ремонт иштерине колдонуучу машинасын катыштырдык. Натыйжада ишибизге көмөкчү боло түштү. Ошентип, биринчи жолу жогорку бийиктикке жакындадык. Башкача айтканда бул биздин биринчи ийгилигибиз, биринчи түшүнүгүбүз, бир жерде туруп иштөө мүмкүнчүлүккө ээ болуп жакындадык жана кереметке биринчи тике бет келүүбүз болду.

Аска бетиндеги сүрөт-жазмалар көз алдыда жатты. Ушундай эле булардын ар түрдүү өлчөмдөрүн, чегилиш ыкмаларын, күн күйгүзүп, шамал жойгон түстөрүн жана профилдерин, а түгүл сан жактан чектелишин белгилөөгө толук мүмкүн болду. Ишибизди жылдыра бердик. Обол чийме тартылган аянтты тактадык. Буга барабар алардын квадраттык бирдиктерин жана частоттук абалдарын, ошондой эле градустук калыбын белгиледик. Натыйжада аскадагы чиймелердин кординаттык абалдары белгиленди.

Түс

Изилдөө улантылып жатты. Биринчи болуп чиймелердин түсүн текшердик. Алардын шамалга жешилген абалдарын карап чыктык. Натыйжада түрдүү түстүн бар экендиги белгиленди. Булардын биринчиси күнгө терең күйүп, шамал жеп, чаң-ылай баскан чиймелер эле. Баса, мындай чиймелерди төмөндөн туруп тегин, же болбосо турнабай менен байкоо эмес, жанына келип, кол тийгизип, а түгүл атайын курал менен, лупа менен тиктегенде гана көрүнөрү аныкталды. Булардын бирөө маселен, Ай, Күн фазаларын билдирген сызыкчалар, Аалам экватору — Саманчынын жолунун берилиши жана ушундай эле кээ бир топ жылдыздардын элестери эле. Ооба, буларды байкоо жана аларга маани берүү бөтөнчө кыйын иш болду десек жаңылышпайбыз.

Чиймелердин экинчи түрү күнгө терең күйгөн сызыктар болучу. Булардын көпчүлүгү айкын байкалганы менен шамал жеп, же болбосо көчүп түшүшкөн чиймелер эле. Мындай чиймелер бөтөнчө, аска бетинин 3, 4, 5 метр би-

тардын барын билдирет. Ушундай эле бул сүрөт-жазмаларды жана чиймелерди изилдөөдө булар өз ара түсү, же болбосо графикасы жактан эле эмес, а мүмкүн радио — углероддук жактан да айырмаланар деген ой туулат.

Чийме

Чили-Сай аска-ноо сүрөт-жазмаларынын чегилиш профилдери жана алардын өлчөм айырмачылыктары кимди болсо да кызыктырбай койбойт. Маселен, алар бөтөнчө жалпак, тоголок, мүйүз, көөкөр, өркөч жана сыныk сызыктар формасында учурайт. Ал эми, калыбы, формасы жактан караганда булар, түрдүү чоңдуктардагы геометриялык кесиндилерге ээ болгон толук жана жарым айлана түрүндөгү сүрөт жазмалар. Ушундай эле булардын орчун тобу зодиактар.

Ушундай бул сүрөт-жазмалардын кээ бир бөлүктөрү үзүк сызык түрүндөгү сүрөт-жазмалар. Мындан тышкары булардын ичинен чекиттер жана алардын, өркөч же болбосо толкун сызыктар менен берилиштерин бөтөнчө бөлүүгө болот. Өзгөчө мындай сызыктар биз тараптан Аалам экватору — Саманчынын жолу деп белгиленген сызыкка мүнөздүү.

Чили-Сай аска-ноо сүрөт-жазмалары түз, же болбосо профилдик бөтөнчөлүктөргө эле эмес чийме тереңдиктерине байланыштуу болгон өлчөмдөргө да ээ. Маселен, булардын бирөө терең оюлган сызыктар болсо, экинчиси ага караганда жайык, ал эми үчүнчүсү жылбырска сызыктар менен чегилген сүрөт-жазмалар эле. Тагыраак айтканда, чиймелердин биринчи өлчөмү жогорудагы айтылгандардын дээрлик бөлүктөрүндө жолугат. Бөтөнчө Ай, Күн фазаларынын берилишинде жана алардын календардык калыптарында, ушундай эле айрым зодиактардын түзүлүшүндө берилет. Жалпысынан булар тереңдиги 2/43, кеңдиги 1,5/2 миллиметрге барабар келген сызыктар.

Чили-Сай аска-ноосундагы жайык сызыктар терең сызыктардан кескин айырмаланат. Натыйжада, булардын тереңдиги 01, 03, кеңдиги 4/5 миллиметрге чейин жетет. Мындан тышкары жайык сызыктардын ээлеген аянтына караганда жылбырска сызыктардын ээлеген аянты аз. Башкача айтканда Чили-Сай чиймелеринин 60% жайык сызык калыбында чегилген сүрөт-жазмалар. Бөтөнчө буларга жалпы эле зодиактардын берилиши, бир тараптан Ай жана Күн жолу делип кабыл алынган элестердин түшүрүлүшү, а түгүл андагы айрым археографиялык белгилердин тартылышы далил десек болот.

Булар — айланалардын ичине, же сыртына келген чекит сызыктар. Фото-съемкага таянганда жана тийиштүү илимий астрографикалык адабияттарга негиздегенде мындай сызыктар диограммасы байыркылардын жарык чектери, же болбосо Ай, Күн, Жер жөнүндөгү белгилери. Мындан тышкары булар дээрлик учурда нур булуңдарынын геометриялык абалын, диограммалык бөтөнчөлүктөрүн жана ритмдик бирдиктерин билдиргенге барабар десек да болот.

Ушундай эле бул жерде жарыктын эң бийик чегине коюлган белгинин бар экендигин байкоо да кыйын эмес. Өзгөчө анын мындай берилиши он экинчи сүрөт-жазмада арийне, кайчы сызык, күн сызык түрүндө келиши арийне. Анан да мындай белгилер айлана алкагында берилиши анын айлананын жаасы түрүндө берилиши сызыктуу, ошол эле учурда же болбосо көпчүлүк учурда жылан түрүндө кесилиш кызыктуу.

Жалпысынан алганда, Чили-Сай аска-ноосундагы айланалар жана алардын түрлөрү өз ара бир нече топко бөлүнүп кетет. Маселен, булардын ичинен жарым айланалар бир иймектүү болуп бөлүнсө, илмеги жактан алар 12 жана 18 илмектүү болуп да ажырайт. Мындан тышкары, мындай сызыктар хордалуу, хордасыз, адам сөлөкөттүү, айбанат жана пил баштуу ат түрүндө жолугат. Ушундай эле булардын кээ бири жогоркулардан өзгөчөлөнүп басма сызык калыбында тартылгандыгын эскере кеткендигибиз дурус. Бир жана үч илмектүү жарым айлананы, биз жогоруда белгилегендей Ай жана Күн фазалары, алардын айлык жана жылдык бирдиктери түзөт.

СЫР ЧЕЧҮҮ

Ырас, бул чийме татаал жана көп жактуу чийме кат. Анын үстүнө ал обол мурун атайын сөз боло элек сүрөт-жазма. Андыктан биз муну бөтөнчө астрофилософиялык планда карадык, этнографикалык планда изилдедик жана анын чындыкка карата болгон катышында, ошондой эле В. И. Ленин белгилеген мифтин экиленишинде, башкача айтканда анын пропорцияланышында изилдедик. В. И. Ленин — 1978 : 225. Негизинен булар байыркылардын Чили-Сай чиймесине чагылган аалам, асман жөнүндөгү түшүнүгү болуп чыкты, андагы жылдыздар системасынын берилиши жана алардын ээлеген орду болуп белгиленди. Ушундай эле булардын баяндалыш жагдайын төмөндөгүчө жайгаштырдык, же болбосо алардын аска бетинен алган ордуна карай, изилдениш ыңгайына карай, белгилүү бир система-

зинчи сүрөт-жазмадагы жылан коштогон төрт буттуу бүркүт элеси жана анын Дева топ жылдызына, бизче Кара Далы Кыз топ жылдызына дал турушу. Ушул эле учурда бул сүрөт-жазмадагы экинчи сүрөт, анын адам ороюнда, уюктаган жылан калыбында, кудай калыбында келиши жана Жыландуу топ жылдызына болгон окшоштугу.

Айтмакчы, биз келтирилген сүрөт-жазмадагы акыркы эки элес — байыркылардын шарттуу белгилери. Булардын ичинен биринчи белги бүркүт белги. Биздин түшүнүгүбүзчө бул белги аял затын туюнтат жана анын эне маанисинде, Умай Эне маанисинде колдонулушун билдирет.

Өзгөчө буга астрономдор тарабынан Дева жылдызынын бүркүт канаттуу кыз түрүндө элестелиши арийне. Анан да муну Умай теги күбөлөйт, анын байыркы персиче Хума экендиги, бизче которгондо бүркүт болору жана ал өзгөчө бүркүт, чоң бүркүт, асманга, андагы аалам чынарына уялаган бүркүт экендиги, ошол эле учурда бул бүркүт жан-жаныбарларга өмүр берген, жашоо берген, а түгүл аларды коргогон бүркүт экендиги ынантат (Л. Я. Штернберг — 1936., 118-бет). Андыктан бул белгинин аял экендигине, Умай Эне экендигине талаш жок. Ушундай эле аны коштогон жылан далил. Бул деген өмүр менен өлүмдүн ирегелештигин билдирет, үзөңгүлөштүгүн билдирет. Жалпысынан бул белгинин Дева топ жылдызына дал келиши арийне жана ушундай бул баягы анын жылдыз экендигин далилдеп турат. Мындан тышкары буга ушул эле сүрөт жазмадагы экинчи элес айкын тартылгансыйт, анын жылан орою, кудай орою күбө тартылгансыйт, Умай Эненин жубайы, өмүр шерик жары катарында кабылданып тартылгансыйт. Бөтөнчө бул эки белги байыркы индо-арийлердин Умай жомогун эскергенсийт, андагы Шива кудайдын Умайга үйлөнүшүн кабардагансыйт, Шиванын жылан түрүндө туюнтулгандыгын билдиргенсийт. Ошол эле учурда бул белги кадимки грек кудайы зевске окшошот, анын чыныгы кудайлык жүзүнүн тегинде жылан, уюктаган жылан жаткандыгына туура келет.

Жалпысынан бул белги байыркы орто азиялыктардын кудай жөнүндөгү түшүнүгүн күбөлөгөнсүйт, анын теги байыркылардын дүйнөлүк рухияты менен болгон байланышта экендигин билдиргенсийт. Анан да буга бул белгинин астрономиялык жактан Жыландуу жана Жылан топ жылдыздарына дал келиши арийне кептеленет, же болбосо бул белги байыркылардын ушул эле топ жылдыздарга байланыштуу түшүнүктөрүнөн келип чыккандан байкалат. Мындан тышкары мына ушул эле жылан орой кудай кешпирдин эки көзүн билдирет. Атап айтканда, археологдор

дызын да кошо чагылтат. Башкысы анан мындай топ жылдыздык маани-маңызы ушул эле сүрөт-жазмадагы экинчи жана үчүнчү сүрөт-элестер менен байланыштуу же болбосо алардын топ жылдыздык маани-маңыздары менен канатташ. Маселен, мунун бирөө — аталган сүрөт-жазмадагы экинчи элес, андагы пил тумшуктуу асман ат жана анын чыгышка буруу тартылышы, ошол эле учурда бул сүрөт белгинин алдын торой тартылган жылаан белгисинин бардыгы. Биздин оюбузча бул белги астрографиялык жактан Пегас топ жылдызына туура келет. Бирок анын мындан тышкаркы дагы бир мааниси Айга байланышкансыйт. Айдын жаңыргандан толгонго чейинки чегин көрсөтүүгө негизделгендей көрүнөт. Ал эми, анын алдын тосо тартылган жыланга келгенде, ал ушул эле ат башынын өзүнөн чыккансыйт. Тагыраак айтканда, бул белги ушул эле ноктолонгон ат башы калыбындагы жылан элесинен бүткөндөй байкалат, толгон айдын токтолушуна карай кайтышына, аны туюнткан аттын кайтышына, артка карай бурулушуна байланыштуу тартылгандай байкалат. Башкысы жылан атты, Айды артка бургансыйт. Жана аны ал он төрт күндүн ичинде мойнуна чейин жутат көрүнөт. Ошол эле учурда ал кайрадан жаралган кебетеленет, кайрадан жаңырат сыяктанат жана да кайрадан чыгышка карай чуркайт өңдөнөт.


Жалпысынан бул белгилер байыркылардын Ай жөнүндөгү түшүнүгү, андан чыккан аалам жомок. Ушундай эле бул жомок — жогоруда биз белгилеген топ жылдыздар туюнтмасы. А түгүл буга анын жылан менен болгон байланыш шарт. Баса, муну биздин элдеги жылкынын кулагынан жылан чыгат деген дагы бир аңыз сөз билдирет. Же болбосо муну байыркы грек эл жомогундагы Персей баатыр өлтүргөн медузанын тулкусунан асманга ат бүтүшү, өзүнчө бир топ жылдызды туюнткан Пегас атынын жаралышы ынантат (караңыз П. В. Шегловдун жогорудагы аталган эмгеги, 29-бет). Бул биринчиден. Экинчиден, буга ушул эле эки белгинин ээлеген орун багыты күбө. Мындан тышкары буларга ушул эле сүрөт — жазмадагы үчүнчү элес шарт, анын бүркүт калыбы, аял калыбы далил. Биздин оюбузча, бул белги байыркылардын түшүнүгүндөгү кыз жылдызы, аял заттын атына коюлган топ жылдызды туюнткансыйт. Бөтөнчө буга падыша Кефей кызы — Андромеда топ жылдызынын дал келүүсү кызыктуу, же болбосо бул анын чындыгында эле аял зат топ жылдызы экендигин аныктап турат (Н. А. Кун 1984.)

Ноодогу кат сүрөт-жазманын төртүнчү тобу — андагы биз белгилеген онунчу жана он биринчи сүрөт-жазма-

дешкен шекилдүү. Бөтөнчө муну ушул эле онунчу сүрөт-жазмадагы экинчи элес билдиргендей байкалат. Анын жарым айлана, же болбосо жаа калыбында берилиши ынанткансыйт, ошондой эле андагы беш чекит белгинин бардыгы билдиргенсийт, алардын жогортон төмөн түшкөн калыбын чагылткансыйт.

Жыйынтыктап айтканда, бул белгилер Ай жарыгынын Жерге болгон катышындагы сфералык геометрия, андагы жети чек, лабиринттик план, же болбосо анын негизи, карта-схема. Анан да буга байыркылардын Сулайман-Тоодогу лабиринттик системасы жакын же болбосо бул түзүлүш андагы ай жолун, анын жети чыканак калыбын чагылтып турат. Мындан тышкары муну он жетинчи сүрөт-жазмадагы бир элес билдирет, андагы ай элеси, айдын толушун чектеген туура сызык жана ошондой эле ай элесинин үстүнө тартылган тең капталдуу үч бурчтук белгиси билдирет. Булардын ичинен акыркы белги башкы белги, сфералык чондук. Тагыраак айтканда, ал Айдан тараган жарыктын Жерге болгон геометриялык өлчөмдөгү тарашын чагылтат жана да анын убакытка көз каранды экендигин баяндайт. Ошол эле учурда буга ушул эле сүрөт-жазмадагы туура сызык кошумча болгонсуйт жана ага айдын кайтышын чектеп бергендей көрүнөт. Ушундай эле бул сүрөт-жазмада ушул үч белгини курчаган сызык арийне. Биздин оюбузча, бул сызык-жаа сызык жана аларды курчаган аалам сызыгы, Айдан тараган жарыкты аллицентрациялаган сызык эле болбосо ал кадимки эле ай жылан, өз куйругун өзү жуткан жылан. Анын мындай калыбы айдын он алты, же он жетиден жыйырма сегизине чейинки аралыгында туура келет, же болбосо бул белги жогорудагы буга байланыштуу белгилерди дагы бир жолу ырастап турат. Ай демекчи, анын жагдайлары Чили-Сай чиймесинде кенири берилиптир. Ушундай эле анын астрономиялык жактан болгон календардык абалы да бай чагылгандай көрүнөт. Маселен, булардын дагы бирөө: 8, —9, —10, —11, —19 жана 36 сүрөт-жазмалар арасынан тартылган узун сызыктар, үзүк сызыктар, батыштан чыгышты карай бет алып созулуп жаткан сызыктар. Назарыбызда булар айды билдирет көрүнөт, анын батыштан чыгышка карата жана тескерисинче болгон жүрүү жолун туюнткансыйт. Эң кызыгы булардын жалпы саны жыйырма сегиз, анан да катар аралыктары жети сап. Негизинен булар Айдын жогорудагы биз териштирген жагдайларын толуктап турат. Бирок бул көрүнүш бүтүндөй бир чек эмес. Анткени анын дагы бир жагы Жерге байланыштуу, жылдыздарга байланыштуу. Жер демекчи бул белги он биринчи













күбөлөгөнсүйт. Ошондой эле бул белги байыркы грек эл жомогундагы Геракл баатырды эске түшүрөт, анын андагы Медуза жыланды өлтүрүшүнө окшошот. Негизинен бул белги — күн жана түн, жарык жана жашоо, ошол эле учурда жарыкты сактоо үчүн болгон адамзаттык күрөш, мифтик экология...

Анан да анын мындай калыбы бекер эместей сезилет, байыркылар тарабынан ал жалгыз катары кабылданган-сыйт. Байыркы индоевропа элдеринин аалам тааануу түшүнүгү менен байланыштуу тартылгансыйт. Жылдыз демекчи бул белги чындыгында эле Геркулес топ жылдызына туура келет. Ал эми анын жанындагы экинчи жылан белги, ушул эле топ жылдыз аймагындагы жылан жылдызына барабар болчудай.

Мындан тышкары бул сүрөт-жазмадагы үчүнчү белги — фонограмма. Кыязы бул да жогорку жазмаларга окшоп эле байыркы түрк жазмасына жакын. Биздин оюбузча бул сөз «баш саб» делип жазылгандай байкалат. Ошол эле учурда ал күн санагына байланыштуу жазылгандай сезилет.

Ноодогу кат сүрөт-жазмасынын дээрлик бөлүгү байыркылардын күн календарына тиешеленгенсийт. Атап айтканда, булар төмөндөгүлөр: он жетинчи сүрөт-жазма — Жер, Жер огу, анын түштүгүн кесип турган жылан топ жылдызы, ошол эле учурда биз алкак ичине келген күн белгиси, аны курчаган күн жаасынын ортоңку жана төмөнкү эки чеги жана бул эки чекке коюлган күн сааты, а түгүл алардын сентябрь жана декабрь ай арасы, ушундай эле бул аралыкка коюлган күн белгисинин март, апрель чени.

Он жетинчи сүрөт-жазманын экинчи бөлүгү — күн баштуу кудай жана анын башына, же болбосо аны туюнткан айлана ичине тартылган дагы бир жолку күн баштуу кудай. Ушундай эле анын сырткы бөлүгүнүн так төбөсүнө эле болбосо ошол эле күн баштуу тартылган жылан белгиси, башы батыштан чыгышка бурулган жылан белгиси, күн жылан калыбы. Жалпысынан бул белгинин ички бөлүгү күн жана аны көтөрүп күн пери жөнүндөгү байыркы кыргыз эл жомогун баяндагансыйт (А. А. Диваев 1887) анын күн чыгышына болгон эң жогорку чекти билдиргенсийт. Ошол эле учурда муну андан сырткы күн жылан күбөлөп тургандай байкалат, анын куйругунун кыскалыгы күн жарыгынын узундугуна барабар кептеленет. Айтмакчы бул белгинин тескериси андагы жыландын мойнунун узарышы жана өз куйругунун чыгыш жаккы учунан кетилте жеши. Ошол эле учурда аны көтөргөн кудай далысы-

катарында тартылгандыгын билдиргенсийт. Ал эми, бул белгилердин алдындагы бугу элесине келгенде, анын күн экендигине, Умай Эне, Бугу Эне, Күн Эне экендигине талаш жок. Баса, бул белги байыркы белги, урал-алтай белги. А түгүл бул белгинин бардыгы, өзгөчө күн калыбында жолугаары кадимки Саймалы-Таш сүрөт-жазмасында жолугат, анын Г. А. Помаскина жарыялаган сүрөт-элестеринин алтымыш экинчи аталышында айтылат. Бирок ал бул сүрөт-жазмада кескин айырмалуу. Башкача айтканда, аны ажыдаар топ жылдызы коштоп турат, анын Алтын Казык жылдызынын тегерегиндеги болгон айлануу алкагы коштоп турат. Ошондой эле муну күндүн кыскаруу жана узаруу айларына болгон байыркы туюнтмага туура келиши билдирет. Тагыраак айтканда, ал Күндүн токтоо жана кайрадан узаруу чегине багытташ чегилгендигин туюнтат. Баса, бул белги Саймалы-Таш сүрөт-жазмасында аяк оона айына коюлуптур, бутунун же болбосо аны туюнткан күндүн Арстан топ жылдызына, Тайган топ жылдызына жетип кайтышына, андагы Арстандан, Тайгандан чочуп кайтышына, үркүп кайтышына, артка болгон бурулушуна багытталыптыр. Ушул эле туюнтмалар түшүнүгүнө келген жылан, түштүк-батышына келген Көнөк Баш, түштүк-чыгышына келген Төө Куш (Лебедь), Кичине Ат, Чоң Дөбөт, Пегас, түштүк-чыгышына келген Ажыдаар Баш Адам, Жылан Баш Адам (Персей) жана батышына келген Тайган топ жылдыздарынын багытташтыгы айкындап турат. Мындан тышкары булар сүрөт-жазмада дагы бир сүрөт белги кезигет. Бул белги аалам белги, күн белги, күн жылан белги, жаа жылан белги жана анын жаасына коюлган күн батыш белгилер, күндүн эң жогорку батуу чектерин билдирген белгилер.

Ошондой эле бул белгинин ичинде учкан бүркүт кезигет жана анын ар түрдүү калыбы жолугат. Кыязы, бул калып күн жаасына багытталгансыйт, анын ар түрдүү чегин көрсөткөнсүйт. Ушундай эле буларга ушул эле алкак ичиндеги бир нече чекит кошумча жана алардын жаа абалы далил. Жалпысынан бул белгилер он алтыга барабар. Биздин оюбузча, булар күн саатын чектейт көрүнөт жана анын эң узун калыбын туюнткандай байкалат. Айтмакчы, учкан бүркүт байыркылардын сүрөт-жазмасына салт белги. Тагыраак айтканда, байыркылар муну менен күндүн жаасын билишкен жана андагы календардык чектерди таанышкан, сфералык күн кесиндилерин туюнтушкан. Маселен, мунун мындай абалы Саймалы-Таш сүрөт-жазмасында айкын. Өзгөчө аны ошол эле жогоруда аталган сүрөт-жазмадагы күн баштуу кудайлар башына

бузча, анын мындай мүйүз учу эки чекитке барабар. Күндүн жайкы жана күзгү теңелишин көрсөткөнсүйт, саатын билдиргенсийт.

Баса, бул белги жыл эсебинен балык жылына багышталгандай өңдөнөт. Тагыраак айтканда, муну ушул эле сүрөт-жазмадагы балык элеси билдиргенсийт, анын аталган аалам жаасынын, күн жаасынын түштүгүнө келиши айкындагансыйт, мейкиндик жактан болгон алыстыгы аныктагансыйт.

Байыркылардын ноодогу кат сүрөт-жазмасынын алтынчы тобу алардын аалам жөнүндөгү түшүнүгүн билдиргендей байкалат. Андагы кыймылдуу жылдыздарды чагылткандай сезилет.

Аалам демекчи байыркылар бул түшүнүктү Ноодогу кат сүрөт-жазмада Қазанбак деп билишкенсийт. Алардын мындай түшүнүгүндө асманды, ааламды адам жөлөп турат, кудай жөлөп колу менен түртүп турат. Анан да аны ал далысына коюп көтөрүп жүрөт деп билишкенсийт. Анын көрүнүшү, өзгөчө күн батып бара жаткан учурдагы чагылышы кудайга көз каранды же болбосо кудайдын көтөрүп жүрүшүнө көз каранды деп байкашкандай байкалат. Атап айтканда, муну отуз биринчи сүрөт-жазмада кудай сол колдоп чыгышка карай тек гана жөлөп басып бара жатса, отуз жетинчи сүрөт-жазмада ал үч түрдүү берилет. Мисалы, булардын биринде муну кудай эмес жөн эле адам жөлөп, алп жөлөп, оң колу менен жөлөп тургансыйт. Анан да мунун чыгыш жаккы четине эски ай элеси чегилгендей өңдөнөт, анын корголоп бара жаткан калыбынын орок табалы тартылгандай сыяктанат. А түгүл мунун мындай берилишине эски ай элесинин азыркы мезгилдин астрономдору тарабынан 36-дюмдүү рефрактор менен тартылып алынган калыбы күбө десек жаңылышпайбыз. (салыштырыңыз Струве и др. — 1967). Ал эми, бул үч жагдайдын экинчисине келгенде аны кудай жонуна көтөрүп бара жаткандай сезилет. Буга эки белгиге салыштырмалуу үчүнчү элес башкача берилгендей. Же болбосо мында кудай аалам казанбагын колу менен жөлөп эмес, далысына көтөрүп тургандай туюлат. Ушул эле учурда анын чыгыш жаккы четине жогорудагы биз сөз кылган Пил Тумшук Ат, түшүнүгүбүзчө Пегас же болбосо ага туура келген байыркы индияга Пил топ жылдызы берилгенсийт, же болбосо бул белги жарыкты айды туюнткандай туюлат.

Жана да муну казанбак көтөргөн кудай боюна тартылган жылан элеси билдиргенсийт. Айтмакчы, анын буга Чоң Жылан топ жылдызына барабардыгы күбө. Ошол эле учурда муну аны жандаган экинчи бир жылан белгисинин

аалам казанбагы Айга, Айдын көрүнүшүнө байланыштуу тартылгандай көрүнөт, байыркылардын Күн саатына жана күн жүрүшүнүн бир жылдык калыбына байланыштуу тартылгандай анын маймыл жыл агымына болгон туура кесилишине байланыштуу чечилгендей сезилет. Ушундай эле бул сүрөт-жазманы жогорудагы эскертилген жыйырма биринчи сүрөт-жазмадагы топ жылдыздар берилиши айкындап турат десек жаңылышпайбыз.

Өзгөчө булардын бул эки казанбактын түндүк-батыш, батыш, түштүк-батыш багыттарына келиши далилдүү жана алар ошол эле учурда он тогузунчу сүрөт-жазманын аалам жаасын айкындаары да далилдүү. Бөтөнчө муну ушул эле акыркы сүрөт-жазмадагы Чоң Дөбөт топ жылдызы күбөлөп турат жана андагы аталган сыртындагы түндүк-батыш багыты далил. Өзгөчө анын мындан алда канча алыс жайгашкандыгы арийне. Айтмакчы, мындай жылдыз белгилер ушул эле сүрөт-жазмалар арасындагы отуз биринчи сүрөт-жазмага да мүнөздүү.

Атап айтканда, булар — ушул эле сүрөт-жазмадагы казанбак батыш сүрөттөр, андагы учкан күн канат бүркүттүн Дева, өлгөн ажыдаардын, же чалкасынан түшкөн ажыдаардын Ажыдаар, чабыт бүркүттүн, тартылган кой жана учкан бүркүт элес. Булардын ичинен, биздин оюбузча, он эки айбан ат элес — он эки топ жылдыз, он эки ай аты: Чычкан, Уй, Жолборс, Улуу, Жылан, Кой, Жылкы, Мечин, Тоок, Ит жана Кара Кийик. Айтмакчы, бул белгилердин биздин оюбузча Жылкы менен Кой орун алмашып турат. Кыязы бул белгини чили-сайлыктар Кой топ жылдызынын чыгыштан болгон көрүнүшү Жылкы топ жылдызына караганда мурда көрүнүшүнө негиздешкен көрүнөт. Бул биринчиден. Экинчиден, алар муну күн менен түндүн жайкы теңелиши же болбосо жыйырма экинчи март деп билишкендей байкалат. Баса, бул жөнүндө С. И. Селешников: «Азыркы кезде 22-мартта Күн, Балык жылдызы менен кошо чыкса деле, жазгы күн менен түндүн теңелүү чеги Козу (Овен) жылдызынын символу менен белгиленет» деп жазат. (Селешников С. И. 1970). Ушундай эле муну ушул эле сүрөт-жазма астына келген, тагыраак айтканда, анын түштүк чыгышына жайгашкан кой белгиси ынантат. Биздин оюбузча, бул белги кулжа ай, июнь ай, он жети тогоол жана да бул белгини ушул эле сүрөт-жазманын үчүнчү бөлүгү күбөлөйт десек жаңылышпайбыз.

Өзгөчө муну анын күн белгилери ынантат, күн белгилери менен болгон жогорудагы биз атаган күн канат бүркүттүн же болбосо ал туюнткан Дева жылдызынын ушул эле сүрөт-жазма менен болгон семантикалык байланыш-

малардагы келтирилген аалам алкагынын сыртына, чыгыш жаккы багытына тартылышы, чегилиши билдирет десек жаңылышпайбыз.

Үркөрдүн мындай тааныпышы — байыркы көрүнүш. Жана да аны байыркылар ыйык деп эсептешкен жана ага тоот кылышкан. Үркөрдүн Ай менен болгон тогошу биздин эрага чейинки 3000 жылдар ичиндеги астрономиялык кубулуш. Ал учурда Үркөр Ай менен 22-мартта, күн менен түн жазгы теңелишинде тогошуп, 22-марттан 21-апрелге чейин 23 тогоолду түзгөн. Кыргыз эсеби боюнча бул ай — босого ай, Жалган куран. Азыркы учурда бул астрономиялык жактан июнь айы.

Башкача айтканда, бул күн — айдын айлануу багыты Жердин чыгышына өткөн күн, ошол эле учурда бул багыттан Үркөрдүн көрүнүшү менен күндүн кылайыңкы нурунун чыгышы, же болбосо таңдын атышы дал келген күн, Үй саат, Бука саат күн. Бирок бул кубулуш кийинки күндөрдө астрономиялык өзгөрүүгө өткөн. Башкача айтканда, Үркөр топ жылдызынын, Үй, Бука топ жылдызынын Ай, Күн менен болгон мындай бир тогошуусу кийинки беш миң жылдын ичинде алдыга жылып кеткен, жогоруда биз белгилеген Кой топ жылдызы, Козу топ жылдызы жылгандай эле эки баскычка которулган жана июнь айына туура келип калган. Мына ушунун натыйжасында Үркөрдүн Ай менен болгон 23 тогошуусу алардын мындан 5000 жыл мурдагы абалына, 22-мартка, Жалган куран (К. Сейдакматовдун жогоруда аталган эмгектери). Айтмакчы бул далилдер — арийне далилдер. Анан да булар колуңуздардагы Ноокат сүрөт жазмасын күбөлөп турат. Өзгөчө мунун аны чыгыш жак башаты баяндагансыйт, андагы жогоруда биз белгилеген отуз бешинчи, отуз тогузунчу сүрөт-жазмалардагы бука элестер — жылдыз элестер. Үркөр элестер билдиргенсип турат. Тагыраак айтканда, бул элестер Үркөр жылдызынын биздин эрага чейинки үч миң жылдык абалы, анын чыгыштан көрүнүшү, күндүн аты, сааттын аты, эрте мененки саат 04—05, Ай менен тогошуусу, Күн менен болгон тогошуусу, Ай, Күн менен бирге болгон тогошуусу, 23 тогоол. Ай, Күн менен болгон тогошуусу демекчи муну ушул эле каттагы жыйырма үчүнчү сүрөт-жазма күбөлөп турат. Анан да буга андагы Ай менен Күндүн кош тартылышы, тогош тартылышы арийне. Ошол эле учурда буга андагы арстан элес кошумча, анын жылдыз, кыймылдуу жылдыз, түндүк-чыгыш чекке жеткен жылдыз, түштүккө арты менен карай бурулган жылдыз. Анан да буга чалкасынан тартылган арстан жылдыз абалы кошумча. Ушундай эле бул туюнтманы отуз экинчи

Ырас, биз бул жагдайды анын чыгыштан болгон көрүнүүсүнөн байкадык жана тарыхый жактан бүгүнкү кыймылдуу асман картасына толук дал келе бербестигин да кошо эске алдык, ошол эле учурда аны кайрадан калыбына коюп эсептөө, изилдөө бөтөнчөлүгүн билдик. Натыйжада отузунчу сүрөт-жазмадагы туюнтма,— Уй белгиси, Бука белгиси, Үркөр белгиси болуп белгиленди жана ал белги ушул эле сүрөт-жазмадагы аалам казанбагынын сыртына, түштүк-чыгыш жаккы сыртына чегилген уй мүйүзү, бука мүйүзү болуп табылды.

Чындыгында бул белги уй күн, уй саат — 01—05, 07—08 (07—08=05), 13—14 эле. Башкача айтканда, бул белги Үркөрдүн Ай болгон тогошу, Теке ай, Чын куран, Баш оона (Ж. Мукамбаев) он беш тогоол. Сумбала, Дева июль айы. Анан да муну анын өзүнөн кийинки же болбосо өз катарындагы эле Ай жөнүндө жазылган отуз биринчи жана отуз экинчи сүрөт-жазмалар күбөлөп турат. Өзгөчө буга алардын тараган он беш ай туюнтмасы арийне, же болбосо бул белги анын он беш тогоолуна барабар. Мындан тышкары бул белгинин ушул эле сүрөт-жазманын өзүндөгү күн чеке кой башы (?) коштоп турат жана анын Кой топ жылдызына (?) дал келүүсү, туура келүүсү ынанткансыйт. А түгүл буга отуз экинчи сүрөт-жазмадагы чычкан белгиси шайкеш жана анын Чычкан, Кичине Чычкан, азыркы учурдагы түзүлгөн кыймылдуу жылдыздар картасындагы Цефей топ жылдызына болгон багытташтыгы, туташтыгы, арийне.

Кыязы, бул белги байыркы орто-азиялыктарга эртеден маалым болгондой. Баса, бул белгинин бардыгы байыркылардын Саймалы-Таш сүрөттөрүндө учурайт, алардын жогоруда биз белгилеген жылдыздуу асман сүрөттөмөсүндө жолугат, дал ушул эле калыпта, Алтын Казык топ жылдызынын батыш багыты да жолугат. А түгүл бул сүрөт-жазмада Чоң Чычкан сүрөтү да кезигет. Биздин оюбузча, бул сүрөт-жазма жыл башы Чычкан өңдөнөт, Чычкан топ жылдызы сыяктанат, азыркы асман картасындагы Сектант топ жылдыздарына барабар болгонсуйт.

Жалпысынан бул белги Ноодогу кат сүрөт-жазмадагы Чычкан топ жылдызы менен Үркөр топ жылдызынын байыркылыгына барабар. Мындан тышкары муну байыркылардын ушул эле катындагы жыйырма үчүнчү сүрөт-жазма арстан ынантат, анын жогоруда биз белгилеген жылдыз абалы билдирет. Баса, бул көрүнүштүн арстан жылдызына багытташтыгына талаш жок жана буга анын дал өзүндөй эле чалкасынан түшкөн көрүнүшү далил.

А түгүл бул белгинин отуз экинчи сүрөт-жазмадагы

тогузунчу сүрөт-жазмадагы асман алкагына болгон багыты боюнча Октябрь Теке айы, он бешинчи тогоол (К. Сейдакматовдун аталган эмгеги, 28—29-беттер). А түгүл бул сүрөт-жазманы жыйырма алтынчы сүрөт-жазмадагы жылан жана анын экинчи бир түгөйү — жаа жылан элестеринин жылан, ошондой эле жыландуу топ жылдыздарынын туюнтулушуна окшоштугу, бирдейлиги билдирет десек жаңылышпайбыз.

Ушундай эле муну ушул эле сүрөт-жазманын түндүгүнө чегилген учкан бүркүт күбөлөйт, анын чыны менен эле жогоруда биз белгилеген Дева жылдызына дал келүүсү ынантат. Анан да буга ушул эле белгинин чыгышына чегилген элестин аюуга окшоштугу жана анын астрономиялык жактан Чоң Аюу топ жылдызына, анан да Жыландуу топ жылдызынын үстүнө тартылган ит белгисинин Тайган топ жылдызына туура келүүсү кызыктуу.

Келтирилген сүрөт-жазмалардын ичинен жыйырма тогузунчу сүрөт-жазма — орчундуу кат. Анын биринчи бөлүгү жогорудагы биз белгилеген Теке топ жылдызы болуп белгиленсе, экинчи бөлүгү — ушул эле сүрөт-жазманы улаган аалам казан бак жана анын ичинен чегилген он эки айбан ат эмес, ошондой эле булардан төмөн.

Жыландуу, Жылан топ жылдызынын маани-маңыздарын билдирип калат. Кыязы бул жагдайды байыркылар кылдат байкашкансыйт, зоодиактардын санын аска бетине көбөйтпөөнүн аракетинен чыгышкан өңдөнөт жана аларды шарттуу жагдай катары кабылдашкан кебетеленет.

Баса, бул белги башка туюнтмаларга да мүнөздүү белги, универсалдуу көрүнүш. Отузунчу сүрөт-жазмадагы Үркөрдүн мындай берилиши арийне көрүнүш. Өзгөчө муну анын отуз биринчи сүрөт-жазмадагы асман казанбагы, аалам казанбагы менен болгон байланыштыгы ынантат, анын түндүгүнөн чыгышына чейинки аралыкка тартылышы — Уй, Бука калыбындагы тартылышы ынантат. Чындыгында, бул жагдай жөнөкөй жагдай эмес эле. Анын үстүнө уйдун. Буканын мындай абалы Үркөр топ жылдызынын биздин аймактан болгон көрүнүшүн эске салат, ушундай эле буга байланыштуу болгон убакыттын 01—04кө, кээде 05ке чейинки болгон, күн шооласы чыгыш тараптан аалам аймагына чагыла баштаганга чейинки болгон убакытты, учурду билдиргенсийт. Ал эми, анын июнь чени, байыркы түркчө Жалган куран чени, өзгөчө июндун 24нө, эң узун күн ченине туура келген абалы — башы, бөтөнчө тумшук жагы. Айтмакчы, муну отуз биринчи сүрөт-жазмадагы оодарылган, чалкасынан түшкөн ажыдаар билди-

канат бүркүт элеси да күбөлөйт десек жетиштүү. Атап айтканда, бул белги — Андромеда жылдызына барабар жана анын март, апрель айларындагы чыгыштан болгон көрүнүшүндө, 03—04 саат чендериндеги болгон өчүшүнө барабар. Мындан тышкары муну анын, Буканын, Үйдүн алдындагы эле отуз бешинчи сүрөт-жазма — ай календарынын казанбак үстүнө тартылган Чоң Балык, Балык топ жылдыз белгиси билдирет десек жаңылышпайбыз.

Кыязы, бул белгилер өз ара тыгыз байланыштуу тартылгансыйт жана алар бирин экинчиси шарттап да тургансыйт. Маселен, бул белгилердин ичинен азыркы белги — Балык күн, Балык саат, 02—04 саат, жана ошондой эле ал — Балык ай, март ай, март менен апрель айынын айкалыш чени, байыркы түрк эсебиндеги беш тогол ай, азыркы кыргызча, жалпы эле түркчө (астын сызган биз Л. Ж.) 23 тогоол ай, Жалган куран ай, Үркөр ай же болбосо Үй ай, Бука ай, 22-март күнү тоголошкон ай, 22-марттан 21-апрелге чейинки 23 тогоолду түзгөн ай (караңыз жана салыштырыңыз, К. Сейдакматов — эскертилген эмгек, 28—29-беттер). Күн менен түндүн жайкы теңелишиндеги ай. Айтмакчы, бул сүрөт-жазмадагы негизги белгилердин бири — андагы ай белгисин туюнткан жаа сызыкча, түштүк-батыштан чыгышка келип токтогон жаа сызыкча, айдын жаңырышынан онуна чейин чегин билдирген сызыкча жана бул сызыкча үстүндөгү айдын өзүн билдирген беш чекит белги. Биздин оюбузча, бул белгилер, байыркы көрүнүштөр сыяктуу айдын беш тогоолу кебетеленет.

Ошол эле учурда бул айдын Чоң Балык элес алды арийне учурайт. Бөтөнчө андагы үч чекит башкача байкалгансыйт. Назарыбызда бул чекиттер айдын апрель чегин чектегенсийт. Андыктан бул аралыкты апрель айы, байыркы түркчө — Кой айы, Козу айы, үч тогоол айы, эски кыргызча Чын куран, 21 тогоол, дүйнөлүк эсепте Овец ай деп алдык (К. Сейдакматов — Эскертилген эмгектин ошол беттеринен). Башкысы бул белгилердин эки ай аралык айкашы ушундай сыяктанат. Анан да булардын апрель чени жогоруда биз белгилеген кой башы менен мүнөздөлгөнсүйт, ошол эле учурда сүрөт-жазмадагы үч чекит белги менен такталгандай байкалат. Баса, бул белгилердин аныктыгы аталган аалам, асман казанбагынын дал чыгышына келгенде гана билинет.

Ошентип, беш тогоол — бел чеч ай. Бел демекчи — бул ай жогорудагы биз белгилеген ай мүйүз бука элесинин белинен соорусуна, ийри такымына чейинки чекке барабар ай. Анткени, бул белгилер, аталган аалам, асман казанбагынын дал чыгышында турат. А түгүл муну анын алдын-

жана отуз бешинчи сүрөт-жазмадагылары аалам, асман казанбактарынын түштүк-чыгышынан так чыгышына болгон жылышына барабар болгонсуйт. Мындан тышкары мунун башы, бөтөнчө тумшук чегинин отуз биринчи сүрөт-жазмадагы аалам, асман казанбактарынын дал түндүгүнө келиши ырастайт десек жаңылышпайбыз. Бул биринчиден. Экинчиден, буга Үркөр топ жылдызынын бул айда, февраль айында так төбөгө келиши, түндүккө келиши жана анын 23 саат чени арийне. Ушундай эле буга отуз бешинчи сүрөт-жазмадагы бүркүт, жылан белгилери далил жана алардын түштүк-чыгыш багыттары, ошол эле учурда бул белгилердин жогоруда биз атаган Жылан, Бүркүт топ жылдыздарга болгон дал келүүлөрү, 07,09 сааттык абалдары кошумча. Анан да муну ушул эле катардагы отуз сегизинчи сүрөт-жазма күбөлөп турат, андагы көнөк белги, чаян белги жана анын алп мурут, алп мүйүз ортосуна тартылган тараза белги чагылткансыйт. Бөтөнчө бул белгилердин жогорку Жылан, Бүркүт топ жылдыздарынан төмөн турушу кызыктуу, же болбосо, бул белгилер дал ушул калыбында келип Көнөк, же Чаян жана тараза топ жылдыздарына барабар болот, алардын саат абалына, 10,11 саат чегине тете турат. Чындыгында бул табият бекер табият эмес эле.

Өзгөчө булардын отуз экинчи сүрөт-жазманын чыгышына келген абалы арийне табият көрүнөт. Же болбосо, бул белги алардын жогорку абалдарынан айырмаланып саат 03,04. Ошондой эле булардын ичинен алдыңкы белги — байыркы түркчө Көнөк ай, жети тогоол, эски кыргызча бир тогоол, Кой, Козу, ай. Анан да белгинин азыркы эсеп боюнча февраль айына туура келиши арийне.

Баса, бул белгинин байыркы түркчө жети тогоол болуп эсептелиши кызыктуу, же болбосо бул санак аталган Үй артында, Бука артында берилгенсийт, андагы Ай калыбын, Күн калыбын туюнткан белгилерди чагылткансыйт, тагыраак болсун үчүн жети чекит, жети ай чекит менен бөлүнүп берилгендей туюлат.

Үркөр топ жылдызынын дагы бир түрү жогоруда биз сөз кылган он сегизинчи сүрөт-жазмадагы бука элеси менен берилгенсийт. Атап айтканда, бул белги, — Үркөр, Үй, Бука топ жылдызынын түндүк-батыштан болгон көрүнүшү, 21 саат абалы, январь ай абалы. Байыркы түркчө бул абал — Тогуз тогоол ай, Теке (Улак) ай, эски кыргызча үч тогоол ай, Балык ай — К. Сейдакматов, 1927. Булардын ичинен бул сүрөт-жазмага Теке ай, Улак ай, Тогуз тогоол айы бөтөнчө жакын. Анткени муну анын түндүк-батышы билдирет, андагы 13-сүрөт-жазмадагы

чи сүрөт-жазмадагы Ай туюнткан аалам, асман казанбактарынын батышына, түштүк батышына келиши анын жогорку саат белгисинин уланышына барабар, 17, 18 саатка тете чындык. Айтмакчы, мунун өзү бир, эле он алтынчы сүрөт-жазмадагы Уй, Бука, Үркөр белгисин эле билдирбестен анын отуз жетинчи сүрөт-жазмадагы абалын кошо чагылткансыйт.

Ырас, бул жолу ал жогоркудагыдай ай калыбында эмес, күн калыбында, саат калыбында кезиккенсийт, 08, 09 саатка барабар болгондой байкалат. Ошол эле учурда мунун мындай абалы аталган аалам, асман казанбактарындагы Ай белгисине тогош турат.

Анан да буга ушул эле сүрөт-жазмадагы биринчи аалам казанбак Ай белгиси арийне жакын, же болбосо ал Айдын он, он бир орогуна окшош. Буга салыштырмалуу анын экинчи жана үчүнчү аалам казанбактарындагы Ай абалы башкача берилгенсийт. Кыязы, бул белгилер Айдын Үркөр менен болгон башка бир тогоошуна туура келет өндөнөт. Мындан тышкары бул белгини жыйырма экинчи сүрөт-жазма аалам казанбактар батышындагы Чоң Балык топ жылдызы билдирип турат. Өзгөчө буга анын бул сүрөт-жазмадагы биринчи аалам казанбагына карай болгон 21, 22 саат абалы далил.

Ал эми, анын экинчи аалам казанбак менен болгон катышы, 18, 19 саатка тете. Ушундай эле мунун Чоң Балык белгинин бул калыбы Үркөр, топ жылдызынын ноябрь (Чаян, Баш оона, он үч тогоол), жана октябрь (Тараза, Теке, он беш тогоол) айларында батыштан, ошондой эле түштүк-батыштан болгон көрүнүшүнө күбө. Жана да булардын мындай абалдарын отуз сегизинчи сүрөт-жазмадагы Чаян жана Тараза топ жылдыздары билдиргенсийт. Өзгөчө муну алардын отуз экинчи сүрөт-жазмадагы аалам, асман казанбагына болгон катышы билдирет. анын чыгышынан алган орду туюнтат. Тагыраак айтканда, бул эки белги, эки ай — Чаян жана Тараза ай, 02, 03 жана 04 саат.

Ноодогу кат сүрөт-жазмаларынын ичинен Үркөр, Уй, Бука топ жылдызынын сентябрь чени башкача берилгенсийт. Биздин оюбузча, аны он сегизинчи сүрөт-жазмадагы бука элесинин он алтынчы сүрөт-жазмага болгон катышы чагылтат, же болбосо бул белги анын түштүгүнө, түштүк-батышына келүүсү менен мүнөздөлүп турат. Ошондой эле ушул эле учурда мунун мындай берилишин жыйырма сегизинчи сүрөт-жазмадагы Күн Канат Бүркүт жылдыз айкындайт жана анын жогорудагы биз белгилеген Дева, бизче Кара Далы Кыз, аял топ жылдызына далил келүүсү билдирет.

Ноокат району — тарыхый эстеликтерге бай аймак. Анда бир гана палентологиялык же болбосо, архитектуралык жактан болгон маалыматтар эмес, Пиктографиялык, мнемографиялык, идеографиялык жана фонографиялык белгилер да учурайт. Булардын ичинен маселен, сүрөт-жазуулар, (пиктография) Кара-Кой, Алтын Казык, Кыргыз-Ата, Оюлма, Гис-Коргон, Ак-Төө жана Жаңы-Ноокат аймактарында жолукса, фонографиялык белгилер Ноокат өрөөнүнүн жалпы эле элдүү аймактарында арбын. Бөтөнчө бул белги анын Жаңы-Ноокат багытындагы аймакта бөтөнчө мол.

Баса, азыркы учурда Ноокаттын күйөрмандары мындай үн жазууларды үйлөрүнө коюп алгандыгын, же болбосо музей катары имараттардын бетине кошо бекитип кетишкендигине күбө болдук. Буга Ноокатка сейил кургандар кошумча. Бөтөнчө, Самарканд, Коконд жана Андижан тараптан келген зыяратчылар жардамчы. Жалпы эле алганда Жаңы-Ноокат багытындагы фонограммалар саны 1000 ден ашат. Эгер муну толук чогултуп кайрадан окуп чыккан болсо, элибиздин бай тарыхы дагы бир жолу айкын боло түшмөк. Анткени бул жердеги жазуулардын арбын бөлүгү IX—X кылымдан кеч эмес жазылган. Ал эми алардын тегин адамга коюлбастыгына тарых өзү күбө. Маселен, мындай жазуулардын бири Сахава бейитиндеги бир көрүстөндө коюлган таш кылыч, андагы маркумга карата чегилген астрологиялык (диндик түшүнүктөгү) аалам наамасынын бардыгы жана андагы буга шайкеш, жаткан күбө наама түрүндөгү фонограмманын берилиши, жана аны чагылткан тамгалар байыркы египеттиктердин, ошондой эле шумердиктердин ой жазуусуна окшоштугу бөтөнчө кызыктуу. Мунун өзү Ноокат аймагындагы байыркы маданияттын башаты терең жана көп тармактуу дегендикке алып барат, байыркы Вавилон, ошондой эле Шумер менен байланыштыкта дегендикти билдирет. Маселен, буга биздин эрага чейинки 1301-жылы жашап өткөн падыша Сети I жана 1400-жылы коюлган маркум каныша Хатшепут сыяктуу байыркы вавилиондук падышалар табыт капкагына чегилген жазуулар, анан да биздин эрага чейинки 1400-жылдары колдонулган египеттиктердин суу саат идиштеринин бетиндеги профилдер окшош, же болбосо жакын десек жетиштүү. Бирок, муну менен аны жакынкы Чыгыштан алынып келинген байыркы маалымат деп түшүнүүгө болбойт.

Тек гана тарыхый байланыш доордун жемиши же болбосо коло доор жана ага болгон элибиздин байыркы астрологиялык ой-туйгусу демекчибиз. Ушундай эле буга

Сахава «таш жылдыздарынын» тарыхын комплекстүү зилдөө, анын чечилиши—Ноокат өрөөнүнүн таш доор маа- ыматтары менен гана чектелбестен, андан кийинки доор- ор аралык эстеликтер менен да күбөлөнөт. Бөтөнчө аны шул эле Жаңы-Ноокат аймагына жайгашкан жогоруда из сөз кылган Чыны-Завод эстелиги шарттаса, экинчи жа- ынан андан бир аз төмөн жаткан Кароол Дөбө маалымат- ары билдирет. Ошондой эле бул туюнтма андагы Жаңы- оргон топоними аркылуу чечмелениши да мүмкүн.

Бул бөтөнчөлүктөрдүн ичинен Кароол-Дөбөө маалы- аттары эртеден эле белгилүү. Аны биринчилерден болуп енинграддык окумуштуу профессор Заднепровский ачат. аса, Эрмитаждагы бай экспонаттардын бири болгон жа- ыт булбул (сырга), анан да байыркы фараондор таажы- ына коюлган алтын кооруу да Ноокаттын Кароол-Дөбө- үнөн алынып барылат. Анан дагы буга андагы байыркы рхитектура, анын бийик дөңсөө түзүлүшү, бөтөнчө се- ил түрүндө кезигиши кошумча.

Назарыбызда, анын Кароол-Дөбө болуп аталып калы- ынын өзү да ушуга байланыштуудай. Баса, буга Ноо- ат районунун көтөрмө дөңсөсүнөн табылган маалымат- ар окшош. Бирок, анын азырынча археология илимине елгисиз экендиги жана ал дөңсөөгө Ноокат районунун ельман колхозу өзүнүн ишкана имаратын салып алышы, марат жер пайы коюлуп жаткан учурда андан чыккан р, түрдүү археологиялык табылгаларга көңүл бөлбөстүгү ейиштүү. 1972-жылы колхоздун бул имаратын куруп каткан учурда Тельман орто мектебинин физкультура угалими Ташалиев Базарбай өзүнүн жеке менчик куру- ушу үчүн Көтөрмөдөн салдырып барган бир машина то- ондон эле бир челек эски тыйындарды терип алган. Биз- ин байкашыбызга караганда тыйындар байыркы IX—X ылым нумизматикасында чегилген. Мындай өкүнүчтүү учурлар Ноокат районунда сейрек эмес. Маселен, анын чки иштер бөлүмүндө эле ар түрдүү белгидеги, ар түрдүү оорду күбөлөгөн диркемдер жыйындысы сакталып турат.

Эгерде бул маалыматтар музейге, же болбосо кыргыз илимдер академиясына жөнөтүлгөн болсо, элибиздин ба- ыркы маданиятынын дагы бир, бутагы такталмак. На- ыйжада, Ноокат районунун тарыхтагы орду, анын ба- ыркы замандагы абалы жана башка мамлекеттер менен асаган карым-катнашы ачылмак. Ооба, булар тарыхый бөлгөлөр эле, же болбосо Чили-Сай ноосундагы таш ылдыздардын жаралышына болгон далилдер эле.

Баса, мунсуз Чили-Сай ноосундагы жогоруда биз сөз ылган жылдыздар системасы түзүлмөк да эмес.

конторасы жана эли жайгашкан. Эл арасынан сурамжылаган учурубузда, улгайган адамдар илгери бул жерде мындай коргондун болгондугу жөнүндө карылардан укканлыгын эскеришет. Алардын кабардоосуна караганда, Жаңы-Коргон бийик жана кеңири курулат. Ушундай эле анын төрт тарабына коюлган бай раваттар да болот.

Назарыбызда, бул жер кийинчерээк эле Жаңы-Ноокат, Жаңы-Базар деп аталып кетиптир.

Мындан тышкары бул Сахава жана Маданият деп да белгиленет. Назарыбызда, булардын жаңы деген сөз катышкан бөлүгү жаңы-эски деген антонимдик калыптагы бирдиктеринен эле үндөш же болбосо анын метафоралык абалынан жаралгансыйт. Тагыраак айтканда, анын бул калыбы сепил, же болбосо ордо дегендикти билдирет демекчибиз.

Ушул эле жерде кезигүүчү Кисирген Ата мавзолейинин бардыгы, Кыз-Мазар жана Сурпа-Таш-Ата эстеликтери, алардын теңдешсиз аянттары, а түгүл Сахава Мазар архитектурасынын ушул күнгө чейин турушу, ошондой эле анын бет маңдайындагы бийик дөңсөөдө Кароол-Дөбөө крепостунун бар экендиги арийне десек жетиштүү. Жыйынтыктап айтканда, бул эстеликтер Сахава жетишкендиктери жана Чили-Сай ноосундагы бай мурастын жаралышына болгон бирден-бир башкы тарыхый өбөлгөлөр демекчибиз.

Сөзүбүздүн аягында, Сахава чиймелери жана андагы астрономиялык туюнтмалары элибиздин байыркы баа жеткис мүлкү дей кеткенибиз оң.

АЛТЫН БЕШИК — АТА ЖУРТ

Кыргыз жергеси тарыхый эстеликтерге бай аймак. Анын мындай байлыгы бир туруп биздин ата-бабаларыбыздын пирамидасы сымал асман тиреп заңкайган ажайып коргондору менен даңазаланса, бир туруп таш беттерине чиймеленген түрдүү жазмалары менен өзгөчөлөнөт. Булардын катарында байыркылар-таш обсерваториясы «Соң-Көл» таш тулга эстелиги ж. б. бийик сепилдери, керемет архитектуралык курулуштары тоо кескен тунгуюк жолдору, шаар калдыктары жана түрдүү завод урандылары кезигээринде талаш жок.

Анан да булардын айрымдары аныктала элек. Болсо да алар түрдүү себептер менен белгисиз бойдон калууда. Атап айтканда булардын бири жергебиздеги археологиялык казуулар жана алардын жыйынтыгы демекчибиз, бул

гы көптөн бери биз изилдеп жүргөн Терген-Таш сүрөт-жазмаларына чакыргансып кетет. Ошол албан сүрөттөр биз белгилеп жаткан маркумдун жарыгынан бүткөндөй туюлат. Неси болгондо да, аталган мүрзө кабыр-сарайдын ачык асман алдында минтип чачылып жатышы, анын мамлекет тарабынан корукка алына электиги өкүнүчтүү. Анын үстүнө жалпы эле алганда байыркы бейиттерге мындай мамиле жасоо акылга сыйбаган иш, талоончулук, маркумду кордоо. Бул биринчиден, экинчиден, археологияда деги эле мындай жара тартып казууга жол берилбейт. Чынында өкүнүчтүү иштер бизде — Кыргызстанда да арбын. Өзгөчө мындай иштер түштүк Кыргызстанда кеңири кезигет. Маселен, буларга Өзгөндүн Чымбай, Советтин Кашка-Жол, Ноокаттын Кароол-Дөбө, Баткендин Кара-Булак (ж. б. у. с.) аймактарындагы байыркы мүрзө сарайлардын көөлөнүшү мисал боло алат десек болот. Башкасын айтпай эле Ноокаттагы Кароол-Дөбө мүрзө сарай казнасына кайрыла кетсек жетиштүү.

Археологиялык маалыматтарга караганда, Ноокаттын Кароол-Дөбө мүрзө сарай казынасы 1970-жылдарда табылган. Аны биринчилерден болуп жергиликтүү карыя байкайт. Буга ал өзүнүн өзүмдүк курулушуна жердик даярдап жаткан учурда урунат. Археологиялык баалуу маалыматтарга туш болгон карыя бул жөнүндө тийиштүү жерге билдирет. Көп өтпөй Ленинграддан профессор Ю. А. Заднепровский чакырылат да, Кароол-Дөбө казынасын казуу иши башталат. Натыйжада окумуштуу Кароол-Дөбө мүрзө кабыр-сарай курулушу байыркы бир доордо жашап өткөн бай падышанын жайы деп билет. Эң кызыгы профессор падышанын дөөлөт тажысындагы дүйнөдө өтө сейрек кезигүүчү көздөрүнө жакут чегерилген (элдин айтуусу боюнча) алтын короз жана ошондой эле булбул сөйкөнү жан адамга билдирбей катып алат. Коозду окумуштуу Ленинградга алып барып Эрмитажга өткөрөт. Тагыраак айтканда, ал аны сатат. Ал эми булбул сөйкө болсо азырынча белгисиз. Эскерте кете турган нерсе, аталган буюмдарды профессор Ю. А. Заднепровский таппаптыр. Көрсө аны байлыкка башта жолуккан карыя адам тапкан экен. Эң башкысы окумуштуунун бул буюмдар жөнүндө Кыргыз илимдер академиясына кабарлап койбогондугунда. Анан да ал Кароол-Дөбө казуусун толук бүтүрүп, жергиликтүү элге бүтүндөй бир ажайып ачык асман музейин ачып бербегендигинде. Буга ал милдеттүү эле. Анткени, ал бул үчүн Ош областынын эмгекчи элинин мандай теринен табылган

көн 1989-жылы Алма-Аталык археологдордун Саймы-Таш сүрөт-жазмаларын эч кандай уруксатсыз эле казга түшүрүп алып кеткендиги бизге маалым болду. А гүл буга биз туш келдик. Ушундай эле булардын сүт чийилген майда таштарды алып кетүүгө камдап койндугун да көрдүк. Тилекке каршы, Саймалы-Таштан алчылардын айтуусуна караганда мындай алып кетүүр бул жерде биринчи эле жолу эмес экен. Ушундай ле алар сүрөт-жазмаларын кагазга түшүрөбүз деп жаып таш беттерин түрдүү химиялык боёктор менен боёп а жибериптир. Мунусу аз келгенсип, ажайып сүрөттөрүн үстүнө өз ысымдарын оюп да ташташыптыр. Айтмакы, баарынан жаманы ушул бузуп — талкалоо. Баса, мун далай тарыхый эстеликтер жок кылынды. Башканы йтпай эле Баткен районундагы сүрөттүү сүрөт-жазмаланын өзбекстандык курулушчулар аркылуу талкаланып ок болгондугун келтирсек жетиштүү.

Сүрөттүү сүрөт-жазмалары кадимки Согда дарыясын сол жаккы жээгиндеги Капчыгай ичи жаткан тоо аштарга чегилген белгилер эле. Белги демекчи, булар ематикалык жактан өтө бай сүрөттөр байыркылардын нимисттик аң-сезимине жана алардын тотемдик эколояга, мал чарбачылыкка, аңчылыкка, дыйканчылыкка шондой эле үрп-адатка байланыштуу чегилген туюнтмаары болгон. Анан да булар мындан 4—5 жыл мурда кер жайнап, коо толо туруучу. Бул жылдарда биз бул герге кастарлап келчүүбүз. Андагы кээ бир керемет этографиялык белгилерди чагылткан кербен сүрөттөрүнө, айыркылардын ар кандай үрп-адат белгилерине туш бооор элек. Өзгөчө моюндарына күндө салынып, колдору окасына байланып айдоодо бара жаткан кулдар сүрөү жана мууздалып жаткан адамдар элеси арийне туюуп туруучу. Ушундай эле булардын катарына чегилген айыркы Даван (IV—II к. к.) күлүктөр элесин көрүүгө да олбос эле. Мындан тышкары бул жерде табышмактуу зун сызык сүрөттөр да жолукчу. Назарыбызда булар кол жээгиндеги удаалаш жаткан үч чоң ташка чегилгеней эле. Биздин оюбузча булар байыркылардын Орто зия, Борбордук Азия жана Түштүк Чыгыш Азия тоо массивдерине байланыштуу тартылган карта схема жол агытындай байкалчу. Тилекке каршы азыркы учурда сүрөт-жазманын бирөө 1988-жылы 10-июнда болгон чоң елдин алдында калды, ал эми калган экөө болсо районогу кимдир бирөөлөрдүн кийлигишүүсүнүн натыйжаында азырынча сакталып турат. Бирок муну менен бул ки керемет сүрөт-жазма чегилген таштардын тагдыры то-

байыркы Египет эл кудайларын кабарлап тургансыйт, алардын да дал ушул келбеттей айбанат элесиндеги куйруктуу адам түспөлдөр экендигине окшошуп кеткенсийт. Бул биринчиден, экинчиден жергебиздеги кезигүүчү байыркы сүрөт-жазмалар ичинде бул көрүнүш анчейин деле эмес. Анткени, мындай келебеттеги адам-элестеринин бардыгы жана алардын аалам казан-багын көтөрүп турушу жогорудагы биз сөз кылган Чили-Сай чиймесинде арбын жолугат. Бул эле эмес бул белги кадимки Саймалы-Таш сүрөт-жазмалар арасында бөтөнчө арбын учурайт. Учураганда да ал куйруктуу адам тулкусунда келген жылкы кешпиринде эле эмес, ар түрдүү айбанат кешпиринде кезиге берет. Жыйынтыктап айтканда, байыркылардын мындай түшүнүгү бардык жан-жаныбарлардын өзүнүн ээси кудайы, же болбосо атасы бар деген тааныш-билүүнү чагылтат. Мына ошолордун бири ушул сүрөт-жазма. Биздин оюбузча, бул сүрөт-жазма жылкы атасы Ай туяк, Камбар-Ата, Дулдул-Ата болчудай.

Жалпысынан бул сүрөт-жазма жогорудагы биз сөз кылган Даван жылкысынын тегин тактап турат, анын ченемсиз күлүктүгүн, ыйыктыгын билдиргенсийт жана ошондой эле буга болгон сүрөткердин философиялык көз карашы берилгендей өңдөнөт. Анан да анын мындай келбети байыркы учурду эске салат, андагы Даван жылкысынын ашкере даңазаланышын эске түшүрөт. Буга болгон Кытай мамлекетинин кызыгуусу элестейт. Ушундай эле анын байыркы парфияндар аркылуу дүйнө элине бөтөнчө алдыңкы Азияга, Кичи Азияга болгон таралышын кабардагансыйт. Ооба бул ойдо талаш жок. Тилекке каршы аны далилдөө үчүн керектелүүчү жогорку сүрөт маалыматын жергиликтүү эл тарабынан бейчеки бузулуп кеткендиги өкүнүчтүү.

Айтмакчы бизде — Кыргызстанда мындай өкүнүчтүү өтмөктөр арбын. Булардын эртеңки күнү элибиздин байыркылыгын билүү үчүн зарыл экендигин билсек да ага маани бербейбиз. Маселен, мындай маалыматтар Ош шаарынын чордонундагы эле Сулайман тоодо кезигет. Андагы сан миң байыркы жазмалардын жана чиймелердин бейчеки баткаланып кетиши кандай өкүнүчтүү. Башканы айтпай эле дүйнөдө өтө сейрек кездешүүчү лабиринт чиймелеринин бар экендигин айтып келип, алардын «Жергиликтүү жазгычтар» тарабынан атайлап бузулуп кеткендигин келтирсек жетиштүү болот. Баса, ошол бузгучтар мунун рухий кадыр-баркын түшүндү болду бекен? Биздин оюбузча алар буга маани бербеген болуу керек. Эгер маани берген болсо, тээ байыркы дүйнөдөн бери келе

Көтөрмө Ноокат районунун Тельман атындагы колхозуна карайт. Сөздүн өзү күбөлөнгөндөй эле бул жерде мындан бир топ жыл илгери мурун бир чоң дөңсөө болуптур. Жергиликтүү эл аны Көтөрмө деп коюшчу экен. Затына жараша аты демекчи анын кайсыл бир заманда бүткөн байыркы архитектуралык курулуш экендигин эч ким билбейт жана ага назар да салышпайт. Күндөрдүн биринде колхоздун правлениясы өзүнүн чечимин чыгарып. Көтөрмөнүн так үстүнө колхоз имаратын салууну чечет. Курулуш иши башталып Көтөрмөгө имарат жердиги оюлат. Жергиликтүү элдин айтуусуна караганда курулушчулар Көтөрмөдөн көптөгөн ажайып керемет аземдерди арбын табышат. Курулушчулардын ичинде Тельман атындагы орто мектептин дене тарбия мугалими Ташалиев Базарбай да болот. Базарбай өзүнүн жеке менчик курулушу үчүн Көтөрмөдөн алып барган бир машина ак топурактын ичинен бир чака байыркы жез тыйындарды терип алат. Окумуштуулардын божомолуна караганда Базарбай казынасы байыркылардын IX, X, XI кылымдагы жез диркемдери экен. Биз бул тыйындардын бир азын Оштогу ажайып аймак коругуна өткөрдүк, бир тобун ОШПИнин доценти, археолог — нумизмат Тамара Нурдин кызына окуганга тапшырдык. Ал эми анын калганы болсо Базарбайдын өзүндө калды. Диркем демекчи мындай байлык Ноокат районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы, милициянын майору Каныбек Төлөшөв корукка алат да ал жөнүндө Кыргыз илимдер академиясынын Тарых институтуна кабар кылат. Жөнөтүлгөн катка академиянын Тарых институту бир топ жыл бою жооп кылбагандыктан майор байлыкты бизге берди. Биз аны ошол эле учурда Оштогу тарыхый мурас ажайып аймак коругунун археологу Е. В. Дружинигага тапшырдык. Маркум Е. В. Дружинина анда тирүү эле. Ал бизге Оштогу тарыхый мурас ажайып аймак коругунда өзү топтоп жүргөн не бир түркүн байыркы тыйындардын бардыгын айтып берди. Анын ою боюнча Ноокат тыйындары бөтөнчө тыйындар болуп чыкты. Кыязы бул тыйындар Фергана өрөөнүндөгү байыркы бир мамлекеттерди баяндагансыйт, алардын өкүмдөрүн билдиргендей өндөнөт, андагы соода-сатыкты жана Фергана өрөөнүндөгү тепчий өткөн кадимки Улуу жибек жолун чагылткансып турат. Неси болгондо да Түштүктөгү мындай тыйындарды топтоо жана аларды изилдөө учурдун зарыл жумушу экендигин унутпоого тийишпиз. Башкача айтканда, булар элибиздин байыркыларына болгон кат кабар, алардын башка элдер менен соода-сатыгын күбөлөөчү белгилер. Бул биринчиден, экинчиден мындай тыйындарды изилдөө архео-

турат. Тилекке каршы бул жердеги тарыхый эстеликтер да жогорудагы тарыхый эстеликтердей эле бузулуп бүткөн. Жолчулар кан жолду кеңейтебиз, машина өтүүгө ылайыкташтырабыз деп жатып, анын жээгиндеги байыртадан бери орун алып келген бейиттерди, мүрзө-сарайларды бүт бойдон бульдозер менен түрттүрүп салышкан. Натыйжада байыркылардын бул өрөөнүндөгү не бир баалуу маалыматтары жокко кеткен. Анан да алардын бейиттерге жасаган мамилеси инсандык эмес эле. Айтмакчы, биз бул жакка кайсыл бир жолу келгенибизде ошол ураттуудан чыккан маркум сөөктөрүнүн жипке байланып зым карагайдын зымдарына илинип турганына күбө болдук. Айла канча. Айыл аксакалдарынан өтүндүк, мүмкүн болсо сүрдүрүүдөн чыккан маркум сөөктөрүн терип алып аларды кайрадан кылбат жерге жашырып коюуларын суранып келе бердик. Ооба, бул сөз ак сөз эле. Анын үстүнө мындай нерселерден элибизди апаат каптап кетиши да мүмкүн болуучу.

Башкасы жогорудагы жоболор элибиздин мурасканаларына чакырат жана алардын бүгүнкү күндөгү абалына алып келет. Ырас, бул багытта биздин республикабызда бир топ эле иштер иштелген. Атап айтканда, бүгүнкү күнү баш калаабыз Бишкектен тартып бир топ эле жерлерде мурасканаларыбыз бар. Айтмакчы, булардын ичинде ачык асман алдындагы мурас коруктар да жок эмес. Бөтөнчө, Кыргызстанда мектеп мурасканалары кеңири өнүккөн. Ушундай эле булардын бир тобу республикадагы кээ бир аттуу-баштуу мурасканаларды түзүүчүлөр тарыхый эстеликтерди сүйүүчүлөр ага маани берип, барк койгон адамдар. Тилекке каршы мындай адамдар бүгүнкү күнү жергебиздеги борборлоштурулган мурасканалар да жокко эсе болсо да өтө эле аз жана алар бүтүндөй эле бөлмө кишилери болуп кеткен. Мындан тышкары ошол эле борборлоштурулган мурасканаларыбыздын иштөө иштери да анчейин. Тагыраак айтканда баш калаабыз Бишкектеги мурасканабыздын эшиги көп жылдан бери эргилчекте турат. Ал эми Оштогу Түштүк Кыргызстан боюнча борборлоштурулган мурас-аймак коругуна келгенде зээн кейийт. Иш коруктун кызматкерлеринин иштебегендигинде эмес, анын имаратынын жоктугунда, болгон имаратынын орчун бөлүгү башта мечит болгондуктан мусулман коомчулдугуна бөлүнүп берилгендигинде. Бул эле эмес коруктун жер төлөөсүндөгү сакталып турган археологиялык материалдарды суу басып кеткендиги аянычтуу. Башкача айтканда, бул — жакшы атанын кашыктап жыйганын чөмүчтөп чачуу дегендик. Ошентип, биз бүгүн бул тарыхый

ны өркүндөтүү керек дейт. Мына ушунда гана биз улууну урматтап, кичүүнү сыйлоого жетишебиз. Ошондо гана ички руханий дүйнөбүздү кеңейтүүгө, эл-жерди, мекенди сүйө билүүгө көнүгөбүз жана барктайбыз. Бул үчүн бизге азыркы учурда тарыхый эстеликтерди тезирээк калыбына келтирүү иши талап кылынат. Ушундай эле алардын дээрлик түрлөрү ачык асман алдында орун алган музейлерди түзүү керектелет. Мындан тышкары сырттан келген археолог окумуштуулар тарабынан өлкөнүн башка шаарларына жана чет мамлекеттерге алынып кетилген тарыхый мурастардын кайрадан алынып келишин талап кылуубуз зарыл. Мындай талап кылуунун дагы бири — Кыргыз илимдер академиясынын уруксатысыз эле келип кирип, өз алдынча жазуу жана изилдөө иштерин жүргүзгөн ээн баштарга тыюу салуу. Сөзүбүздүн аягында элге, жергесууга кайрылмакчыбыз. Берекелүү Ата Журтубуздун руханий байлыктарын ардактоо менен акын Алыкул Осмоновдун «Сен ооруба мен ооруюн Ата-Журт»— деген ыр сабын эске салсак, дурус болчудай...

БИБЛИОТЕКА
Омского государственного
педагогического института
ИНВ № 20-00